Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2025-жылдын
5-сентябры

№67 (3723)

www.erkin-too.kg

# ПРЕЗИДЕНТТИН КЫТАЙГА БОЛГОН ИШ САПАРЫ АЯКТАДЫ



Сапардын биринчи күнү Президент Садыр Жапаров Тяньцзинь шаарында КЭРдин Төрагасы Си Цзиньпин менен сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Эки өлкөнүн лидерлери эки тараптуу жана көп жактуу күн тартибиндеги негизги маселелер боюнча пикир алмашты. Тараптар өз ара ишенимге жана сый-урматка негизделген стратегиялык өз ара аракеттенүүнү мындан ары да өнүктүрүүгө умтулуарын билдиришип, жолугушуунун жыйынтыгында бир катар документтерге кол коюлду. Андан соң Президент Тяньцзинь шаарында өткөн Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин башчыларынын Кеңешинин 25-жыйынында сөз сүйлөдү. Мамлекет Башчысы Кыргызстан уюмду түзүүнүн башында турган өлкө катары ШКУдагы төрагалыгын анын өнүгүүсүнө жана глобалдык ролун бекемдөөгө, ошондой эле достукту жана ынак коңшулаштыкты мындан ары тереңдетүүгө көмөктөшүү мүмкүнчүлүгү катары караарын баса белгиледи.

# ЧАКАН ЖАНА ОРТО БИЗНЕСТИ КОЛДООГО ТАПШЫРМАЛАР

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Данияр Амангелдиевдин жетекчилиги алдында өлкөдөгү чакан жана орто бизнести колдоо жана өнүктүрүүгө арналган жыйын өттү. Ага министрликтер менен ведомстволордун, ошондой эле каржы институттарынын өкүлдөрү катышты. Данияр Амангелдиев Кыргызстандын экономикасы акыркы үч жылда туруктуу өскөнүн белгилеп, 2025-жылдын биринчи жарым жылдыгында ИДПнын өсүшү 11,7%га жетип, 711 млрд сомдон ашканын айтты. Республикада 16,9 миң ишкана иштейт, анын ичинен 15,9 миңи чакан жана 1 миңи орто. Чакан ишканалардын эң көбү Бишкек шаарында. Жеке ишкерлердин саны 600 миңден ашат, бул ишкердиктин активдүүлүгүнөн кабар берет. Бизнести өнүктүрүүнү мындан ары стимулдаштыруу максатында Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары чакан жана орто бизнести колдоого багытталган бир катар тапшырмаларды берди.



# САДЫР ЖАПАРОВ АЛЕН СИМОНЯНДЫ КАБЫЛ АЛДЫ

Президент Садыр Жапаров 4-сентябрда Армениянын Улуттук Жыйынынын төрагасы Ален Симонянды өлкөгө болгон расмий сапарынын алкагында кабыл алды. Тараптар парламенттер аралык өз ара аракеттенүүнү тереңдетүү маселесин талкуулап, эки тараптуу мамилелерди чыңдоо үчүн парламенттик диалогдун маанилүүлүгүн белгилешти. Президент бир жагынан парламентаризм институттарын өнүктүрүүгө көмөктөшүү, экинчи жагынан эки тараптуу кызматташтыктын келечектүү багыттарын парламенттик коштоонун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында өлкөлөр ортосундагы достук депутаттык топторунун ишин активдештирүү зарылдыгына басым жасады. Мамлекет Башчысы мындай кадамдар мыйзам чыгаруу тажрыйбасы менен алмашууга жана жалпысынан ар тараптуу кызматташтыкты чыңдоого өбөлгө түзөт деген ишенимин билдирди.

# КАСЫМАЛИЕВ ФУТБОЛ КОМАНДАЛАРЫНЫН МЕЛДЕШИНЕ КАТЫШТЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Кыргызстан менен Палестинанын футбол боюнча курама командаларынын ортосундагы мелдешине барды. Бул мелдеш 23 жашка чейинки (U-23) курама командалар арасында 2026-жылы өткөрүлө турган Азия Кубогуна тандоо оюндарынын алкагында өттү. Мелдеш 2:1 эсебинде Кыргызстан курама командасынын жеңиши менен аяктады.



ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ

# МАМЛЕКЕТТИК КАРАЖАТТАРДЫН МЫЙЗАМДУУ КОЛДОНУЛУШУН КӨЗӨМӨЛДӨӨ УЛАНАТ

***Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде жана анын ведомстволук уюмдарында бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктарын жарыялады.***



Аудиттин жүрүшүндө министрликтин жана анын ведомстволук уюмдарынын финансылык ишмердүүлүгү, бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышы талданып, төмөнкүдөй негизги көрсөткүчтөр белгиленди:

- Билим берүү тармагында Кыргыз Республикасында 89 жогорку билим берүү мекемеси бар (33 мамлекеттик, 56 жеке менчик), аларда 222 699 студент билим алат;
- Орто кесиптик окуу жайларында 100 728 студент, кесиптик лицейлерде 31 455 студент билим алат;
- 2070 мектеп каржыланып, 1 263 191 окуучу билим алат, 94 683 мугалим эмгектенет.

2023-жылы министрликтин бюджети өзгөртүүлөр менен 67 724 502,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен кассалык чыгымдар 61 821 556,0 миң сомду түздү.

Аудиттин натыйжасында жалпы бузуулар 723 554,6 миң сомду түзгөнү аныкталып, анын ичинен 289 658,7 миң сом калыбына келтирүүгө тийиш, 214 722,5 миң сом аудит учурунда калыбына келтирилген, ал 74,13% түзөт.

Аудиттин жүрүшүндө төмөнкү финансылык бузуулар белгиленди:

- Бюджеттин аткарылышындагы кемчиликтер – 346 380,1 миң сом;
- Бюджет долбоорун түзүүдө жана кароодо бузуулар – 26 039,2 миң сом;
- Мүлктү пайдаланууда мыйзам бузуулар – 35 439,7 миң сом;
- Бухгалтердик эсеп жана отчеттук документтердеги бузуулар – 314 465,5 миң сом;
- Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудагы бузуулар – 1 230,1 миң сом.

Жалал-Абад мамлекеттик университетиндеги аудиттин алдын ала жыйынтыктары Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине, Талас шаарынын жана Талас районунун билим берүү бөлүмдөрүндөгү аудиттер Талас облусунун прокуратурасына жөнөтүлгөн. Мындан тышкары, Башкы прокуратурага ижара жана эмгек акы боюнча аныкталган каржы бузуулар тууралуу маалымат жөнөтүү сунушталды.

Эсептөө палатасы мамлекеттик каражаттардын мыйзамдуу, натыйжалуу жана ачык-айкын колдонулушун камсыз кылууга багытталган көзөмөлүн улантууда.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ЭЛ ӨКҮЛҮ ЭМНЕ ДЕЙТ?

### Жогорку Кеңештин депутаты Элдар АБАКИРОВ:

# “БИЛИМ БЕРҮҮ БОЮНЧА ИШТЕРИМДИ АЯГЫНА ЧЫГАРСАМ ДЕЙМ”

***1-сентябрь күнү VII чакырылыштагы Жогорку Кеңештин V сессиясынын ачылышы парламент имаратынын жаңыдан оңдолгон залында өттү. Эки айлык эмгек өргүүдөн соң иш баштаган эл өкүлдөрүнүн ичинен Элдар Курманбековичти жыйында экенине карабай, азын-оолак кепке тарттык.***



**- Элдар мырза, бүгүн Жогорку Кеңештин жаңыланган имаратынан иш баштап турасыздар. Заманбап үлгүдөгү оңдоп-түзөө иштери кесиптештериңиздин жана сиздин купулуңузга толдубу?**

- Ачык айтыш керек, Жогорку Кеңештин имараты бул сапар абдан жакшы, заманбап жасалгалоо, акыркы үлгүдөгү жабдыктар менен сапаттуу оңдоп-түзөөдөн өтүптүр. Көрүп көз кубанат. Эми өлкөбүздөгү мектептер, бала бакчалар, маданият үйлөрү менен ооруканалар дагы ушул ыргак менен сапаттуу оңдоп-түзөөдөн өтүп, заманбап жабдуулар менен жабдылып, алтургай жаңыдан жакшы салынса дегим келет. Жакшыны жакшы деш керек. Парламенттин тарыхый имараты чындыгында абдан жакшы жасалды.

**- Парламенттин аракеттеги чакырылышы өз мөөнөтүнүн соңуна чыкпай, сентябрдын аягында эл өкүлдөрү тарабынан мыйзамда каралган өзүн-өзү таратуу кадамына камылга көрүп жатканы канчалык деңгээлде чындыкка дал келет?**

- Бул жагын азырынча так билбейм. Бирок, сиз айткандай күбүр-шыбыр кептер да болуп жатат. Ал жагын тангандa не? “Шамал болбосо, чөптүн башы кыймылдабайт” дегендей, бул жагынан күбүр-шыбыр кептерге жакын арада чекит коюлса керек. Сабырдуулук кылып күтө туралы.

**- Эгерде парламенттин азыркы чакырылышы тараары чын болсо, кайрадан депутаттыкка аттанасызбы?**

- Эгерде азыркы чакырылыш тарай турган болсо, албетте, аламан жарышка кайрадан аттанам. Эл өкүлү катары өзгөчө экономика жана билим берүү тармагында баштап алган бир топ иштерим бар. Билим берүү боюнча мыйзамдын үстүнөн иштеп чыккандардын бириминмин. Ошолордун өтөөсүнө чыгып, максат койгон иштеримди аягына чыгарсам дейм. Биз эми жашпыз, эл үчүн иштей турган убактабыз...

**- “Ак төөнүн карды жарылган” күркүрөгөн күздөгү инфляциянын деңгээлин сиз деле сезип жатсаңыз керек. Айтыңызчы, бааларды ооздуктоого азыркыдай шартта мүмкүнбү?**

- Инфляцияны ооздукташ үчүн ириде элдин кирешесин көтөрүш керек. Дагы бир жагдай, соңку убакта өлкөдө көптөгөн имараттар салынууда. Мамлекеттик чыгашалар да ошого жараша чоң. Буга удаа экономикада дагы өсүштөр бар. Ушул өңдүү жагдайлардын бардыгы инфляцияга таасир этүүдө. Айтканга оңой болгону менен инфляцияны ооздукташ оңой эмес. Көптөгөн товарлардын баалары эл аралык биржада чечилгендиктен, бул жагын да эске алуу зарыл.

**- “Инфляцияны ооздуктоо оор” деп эле алакан жайып отура бериш керекпи? Сырттагы күч алган кымбатчылыктын сазына сорулуп...**

- Алакан жайып эле ким отургусу келсин? Бул маселени чечүүнүн бирден-бир жолу – элдин кирешесин көтөрүү. Эң оболу мугалимдердин, дарыгерлердин, маданият кызматкерлери менен журналисттердин айлыктарын тез арада көтөрүш керек. Булар дагы мамлекеттик чыгашалар, бул деле инфляцияга таасир этет. Соңку убакта өлкөдө жаңы жолдордун, кичи ГЭСтердин, ири курулуштардын салынышы жүз берүүдө. Ошолордун бардыгы иштеп, ири алды киреше алып келиш үчүн ишканалар ачылса, күчтүү ишкерлер буттарына турушса, эл аралык деңгээлде экспортко чыгып, атаандаштыкка чыдаган өндүрүш эзлерин катуу колдобосок болбойт. Экспорт болгондо гана Кыргызстанга акча келип, ошол келген каражаттар айлык, салык катары киреше болмок.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**



КАЛААНЫН АТЫ ӨЗГӨРӨБҮ?

# ЖАЛАЛ-АБАД ЭМЕС, МАНАС ШААРЫ

***3-сентябрда кезексиз жыйынга чогулган Жалал-Абад шаардык кеңешинин депутаттары калаанын аталышын Манас деп өзгөртүү боюнча шаар бийлигинин сунушун карап, аны бир добуштан колдоп берди.***
***Мындай сунушту шаар мэри Эрнисбек Ормоков берип, "Окумуштуулардын “Жалал-Абад” аталышынын маанисин далилдеген илимий түшүндүрмөсү жана фактылары жок, ал уламыштарга негизделген. Ошондуктан Манас деп өзгөртүүнү каалап жатабыз. Баары көрүп жатышат, шаар кандай өнүгүп жатат, архитектурасы өзгөрүп жатат. Мунун баары атын өзгөртүү идеясына алып келди, ошондуктан бүгүн мен мындай демилге менен чыктым" деди. Эми тартипке ылайык, Жогорку Кеңешке кароо үчүн мыйзам долбоорун иштеп чыгуу боюнча милдет Жалал-Абад облусунун өкүлчүлүгүнө жүктөлөт. Ошол эле учурда коомдук талкуу жүргүзүлөт. Парламент мыйзам долбоорун жактырышы керек, андан кийин документ президентке кол коюу үчүн киргизилет. Белгилей кетсек, Жалал-Абад шаары 1870-жылы чакан айыл катары негизделип, кийинчерээк шаарга айланган. 1991-жылы Жалал-Абад облусу түзүлгөндө облус борбору болуп калган. Азыр чоңдугу боюнча Кыргызстандагы үчүнчү шаар болуп эсептелет.***

***Жалал-Абад шаарынын Манас деп өзгөртүлүшүнө коомчулук эмне дейт?***



**КРнын Францияндагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Садык ШЕР-НИЯЗ:**

- Кыргыз Манас деп турса, демек кыргыз түбөлүктүү! Манас шаары - эң бийик аталыш. Биздин борборубуз – Бишкек, экинчи ордолуу шаарыбыз – Ош, бирок Манас деген ат кандай сыймыктуу угулат. Манас шаары. Эми ушул чечимден кайтып кетпей аягына чейин тургула урматтуу депутаттар!



**Тарых илимдеринин кандидаты Кайнарбек БИЙЛИБАЕВ:**

- Жалал-Абад же Желалабад деген сөздүн төркүнү төмөндөгүчө. «Абад» деген сөз перс тилинде «жай, орун», «адамдар жашаган жай» дегенди түшүндүргөн. «Джелал» деген урду, перси жана араб тилдеринде «даңк, ыйык, улук», «ыйык жай» деп которулат. Мындайча айтканда, «даңктуу жай», «ыйык жай» жана «Джелалдын атына коюлган жай» деген түшүнүктү берет. Афганистандагы Джелалабад шаарын түптөгөн Джелал Ад-дин Мухаммад Акбардын атына 1560-жылы коюлганы тарыхта айтылат. Байыркы мезгилде Аюб-Тоонун этегинен Жибек-Жолу өткөндүктөн, Фаргана өрөөнүнүн жашоочулары Оогонстан жана Кытай эли менен тыгыз байланышта болушкан. Чыгыш өлкөлөрүндөгү соода-сатыкка көнгөн эл калктуу жайларга отурукташкандыктан Джелалабад шаарына окшоштуруп ата беришкен. Ошол убакта 30дан ашык калктуу конуштар болгондуктан, бара-бара Джалалабад деп аталып кетет. Кыргыз жергесинде Жалалабад шаары 1870-жылы негизделип, шаарда кыргыздар, өзбектер, тажиктер, кийинчирээк татар, орус ж.б. улуттар жайгашат. Жалал-Абад шаары, Манас шаары болуп аталып калса келечекте кыргыздар үчүн Манас шаары даңктуу да, барктуу да шаар болуп кетери шексиз!



**Журналист Азизбек ЧАМАШЕВ:**

- Эгемендигибизге 34 жыл болду. Бул кечээги тарых. Убагында Фрунзе шаарын Манас атайлы деп Легендарлуу парламенттин айрым депутаттары чыкканда, көпчүлүгү каршы болуп, тарыхый атын берели деп талашып-тартышып жатып БИШКЕК аталган. Ал эми Жалал-Абад шаары МАНАС аталганы эң туура! Буга чейин Кыргызстанда бир дагы Манас шаары жок болчу. Шаардык кеңештин чечим кабыл алганы мыйзамдуу. Демилгени Жалал-Абад шаардык кеңешинин депутаттары колдоптур, “Бали” деш керек. Кыргыз эли ынтымакта болуп, Кыргызстан өнүгө берсин.



**ЭлТРдин мурдагы жетекчиси Шайырбек АБДЫРАХМАН:**

- Жалал-Абад шаарынын Манас шаары болуп аталышын колдойм. Өтө керектүү, туура иш болмок. Илгери Семетей Букарда чоңойгон. Каныкейди эжем деп, Каныкейдин иниси Ысмайылды ата деп өскөн. Каныкей Тайторуну чапканда өзүнөн өзү боор тартып, Манастап ураан чакырып, Таластап ураан чакырып сүрөп келет. Ошондо "Кайран гана Семеңдин Манас кирбес оозуна Манас кирип калыптыр, Талас кирбес оозуна Талас кирип калыптыр" деп манасчы аталарыбыз Семетейдин абалын сонун сүрөттөшөт. Анын сыңарындай, Жалал-Абад шаарынын Манас деп аталышы бул чынында бир чети "Жумшак күч" саясаты болсо, экинчи чети келечек муундун ички мазмууну үчүн маанилүү жумуш. Биз чоң, саны жагынан көп, андан калса маданият, жашоо образы отурукташкан замaнга өтө ылайыкташкан өлкөлөрдүн арасында жашайбыз. Биздин жаш муун чоң каржы, чоң деми бар коңшуналардын рухий күчтөрүнө тез эле тартылып кетет. Тил кетет, дил кетет, маданият, жашоо образ сиңишип кетет, мындайда өздүгүбүздү жоготуп алышыбыз тез эле..

Анын үстүнө өз жан дүйнө мурастарын чанган, ал турсун чоочундашып бараткан балдарыбыз пайда болгон. Бул өңүттөн алып карагандa алардын Манас кирбес оозуна Манас кирип калат. Манас шаарында Манастын эстелиги, "Манас" музейи, Манас китептери пайда болот. "Манастын татыктуу жашоочусу бололу" деген ураандар чыгат. Манас атабыздын атына коюлган шаар деген сыймыктануу жаралат.

Мектептерде Манас сабактары өтүлөт. Бул кыргыздын келечеги болгон айрыкча жаш муундун өзүн жоготпой, жан дүйнөсүндө Манастын урпагы экенин унутпай жүрүүсүнө өбөлгө болот. Мисалы, Стамбулду карасаңар дээрлик көпчүлүк көчөлөрү өзүлөрүнүн тарыхындагы мыктылардын атынан коюлган. Бардык жерлердe алардын аты аталып, ал эмес метросунда баратсаң да ар бир аялдамасында түрктүн атактууларынын аты жаңырып турат. Мен колдойт элем.



**Экс-депутат Кубанычбек КАДЫРОВ:**

- Жалал-Абад шаарын Манас шаары кылабыз деп, Жалал-Абад шаарынын мэри демилге көтөрүп, ал демилгени шаардык кеңештин депутаттары колдоп бергенин окуп алып сүйүнүп турам. Кыргыздын өзөгү Манаста да. Биз, кыргыздар Манас атабызды даңазалап турууга милдеттүүбүз. Жалал-Абад шаары мындан ары Манас шаары деп аталышын мен да колдойм. Эң туура чечим!



**Журналист Төлөгөн СУЛАЙМАНОВ:**

- Ыйык нерсе туюк болот. Айкөлдүн атын ары-бери сүйрөй берүү жакшы эмес. "Манас" бул баатырдык эпос эле эмес, кыргыздын кан-жаны, коду. Сакралдуу түшүнүк. Керек болсо борборубуз Бишкекке да Манастын атын коюу ашыкчалык кылат. Экинчиден, азыр Жалал-Абадга Манастын атын койсок, кийин башка шаарларга да баатырлардын атын берүү прецедентин түзүп коёбуз. Кайталайм, прецедент түзөбүз. Анчалык эле алмаштыруу зарылчылыгы болсо, анда Көк-Арт шаары деп атайлы. Негизи, жерге жердин аталышы берилгени туура. Кара-Буура районун Айтматов району деп атаган да чекилик иш болгон. Албетте, бул жерде чоң саясий кадам жатат.



**Талас шаарынын тургуну Бакай АБДЫМАЛИК:**

- Айкөл Манас атабыздын аты берилсе, дурус эле болот. Манас эле эмес, "Айкөл Манас" десе туура болчудай. Анткени, Манас атабыздан башка бир да баатырга айкөл наамы берилген эмес. Экинчи маселе, Жалал-Абад шаары Айкөл Манас шаары болуп өзгөрсө, борбор шаар статусу да берилиши керек. Бул геосаясий жактан эң туура кадам болот. Анын үстүнө Бишкек деле баатырдын ысымын алып жүрөт.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

УЛУТТУК БАНК ЖАҢЫ ЧАРА КИРГИЗҮҮДӨ

# ЖАРАНДАРДЫН ӨЗҮНӨ ӨЗҮ ТЫЮУ САЛУУСУ АЛДАМЧЫЛЫКТАН КОРГОЙТ






## КРЕДИТ БОЮНЧА ӨЗҮНӨ ӨЗҮ ТЫЮУ САЛУУНУН ПАЙДАСЫ

Жарандын кредит боюнча өзүнө өзү тыюу салуу механизми төмөндөгүлөргө мүмкүндүк берет:

1) Алдамчылыктын алдын алуу;

2) Акча каражаттарды сактап калуу;

3) Соттук териштирүүнү болтурбоо;

4) Кредит алууда негиздүү чечимдерди кабыл алуу.

Азыркы учурда көптөгөн жарандар алдамчылык толкунуна туш болгонун жана карыз тузагына түшүп, анын кесепетинен алардын кредиттик тарыхтары бузулуп жатканын эске алсак, насыялык бүтүм түзүүгө өзүнө өзү тыюу салуу керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоонун ишенимдүү жолу болуп саналат.

Алдамчылык менен аракеттенген көз боёмочулар жаңы схемаларды, заманбап технологияларды колдонуу менен бейкапар адамдардын атына кредит алып, ал эми акыркы убакта жарандарды телефон чалуулар аркылуу алдап, кредит алууга мажбурлап, алар алданып калган учурлар көп болуп жатат.

Мындай кредитти сотто талашуу жана бүтүмдү жараксыз деп табуу үчүн убакыт талап кылынат, далилдерди көрсөтүү зарыл, ал эми соттук териштирүү жүрүп жаткан учурда кредиторлордун телефон чалуулары уланып, кардардын кредиттик тарыхына терс маалымат киргизилет.

Өзүнө өзү тыюу салуу механизми бул "Насыялык маалымат алмашуу жана насыялык бүтүм түзүүгө өзүнө өзү тыюу салууну белгилөө маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алуу менен өлкө мыйзамдарына биринчи жолу киргизилип жаткан жаңы укуктук инструмент болуп саналат. Бул мыйзам 2025-жылдын 25-июнунда Жогорку Кеңеш тарабынан жактырылган жана 2025-жылдын 30-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кол коюлган. Мыйзам жарыяланган күндөн үч ай өткөндөн кийин 1-ноябрдан тартып күчүнө кирет.

Улуттук банк кредиттик бүтүм түзүүдө өзүнө өзү тыюу салуу механизми тууралуу маалыматты дагы кошумча калкка жеткирүүгө аракеттерди көрөт, өзүнө өзү тыюу салуу механизмдеринин жолдорун түшүндүрөт жана иш-аракеттердин деталдуу алгоритмин даярдайт.

## КРЕДИТ БЕРҮҮГӨ ӨЗҮНӨ ӨЗҮ ТЫЮУ САЛУУ ТУУРАЛУУ КЫСКАЧА ТҮШҮНҮК ЖАНА СУНУШТАР

Кыргыз Республикасында калктын финансылык сабаттуулук деңгээлин көтөрүү үчүн бир топ аракеттер көрүлүп келе жатат.

Керектөөчүлөр кээде жоопкерчиликтүү чечимдерди кабыл алуу зарылдыгын этибарга албай, кесепеттерин толук түшүнбөстөн, финансылык тобокелдиктерди толук баалабай туруп, тез учурда жана эмоционалдуу түрдө кредит алуу чечимин кабыл алышат.

Өзүнө өзү тыюу салуу тез кредиттик тобокелдиктерден алыс болууга шарттарды түзүп жана ойлонууга убакыт берет.

Кредит алуу тууралуу чечим кабыл алардан мурда, сиз өзүңүздүн мүмкүнчүлүктөрүңүз жетишерлик болорун, узак мөөнөткө прогноздоого аракет кылып, киреше менен чыгашаларыңызды эсептеп чыгууңуз зарыл. Ай сайын төлөнөөр айлык кирешенин 30-50 пайызынан ашпоого тийиш. Кредиттик төлөмдөрдү кечиктирбестен төлөп туруу үчүн өзгөчө кырдаалдар же башка форс-мажор учурларды эске алып, үч айдан кем эмес каржылык запас (киреше же башка мүлктү сатуу жолу менен) түзүүгө аракет кылыңыздар.

Кредиттин толук баасын эсептеп чыгып, айрыкча, өз милдеттериңизди, жоопкерчилигиңизди, түшүнүксүз болгон шарттары болсо сурап, кошумча маалыматты алыңыздар.

Жарандардын өз демилгеси менен банктар жана башка финансылык уюмдар менен кредиттик бүтүм түзүүгө өзүнө өзү тыюу салуу дегенди иш жүзүндө кандай экенин түшүндүрүп кетели. Биринчиден, бул кредиттик алдамчылыктан коргоо болуп саналат. Тилекке каршы бүгүнкү күндө алдамчылар жоголгон же уурдалган документтерди пайдалануу менен бөтөн бирөөлөрдүн атынан кредиттерди алып алган учурлар кездешип жатат. Эгерде өзүнө өзү тыюу салган учурлар болсо мындай алдамчылыкка жол берилбейт.

Эгерде жарандын бекитилген өзүнө өзү тыюу салуусу болсо, анда бир да кредиттик уюмдун, мейли ал жасалма же уурдалган документти көрсөтсө да кредит берүүгө укугу жок. Бул алдамчылыкка коюлган олуттуу бөгөт болуп эсептелет.

Экинчиден, өзүнө өзү тыюу салуу ыктыярдуу чара, каалаганыңыз аны күчүндө калтырасыз же алып койсоңуз да болот. Мисалы:

- чет өлкөгө баратсаңыз өзүнө өзү тыюу салууну бекитирип коюңуз;
- эгерде кредит алууну болжолдобосоңуз да аны бекитирип коюңуз;
- паспортту же башка күбөлөндүрүүчү документтериңизди жоготуу тобокелчилиги бар болсо, анда да өзүнө өзү тыюу салууну бекиттириңиз.

Үчүнчүдөн, өзүнө өзү тыюу салуу юридикалык жактан корголот. Мисалы, кредиттик уюм өзүнө өзү тыюу салууну эске албай кредиттик бүтүм түзүлгөн болсо, мындай келишим наадандык катары каралып, жараксыз деп табылат. Жоопкерчиликти жаран эмес, кредит берүүчү тартат.

Төртүнчүдөн, өзүнө өзү тыюу салуу жеңил бекитилет. Ага кызмат акы алынбайт, ал электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы ("Түндүк" мобилдик тиркемеси) аркылуу жүргүзүлөт. Өзүнө өзү тыюу салууну банкка барбай туруп, аралыктан жана каалаган убакта жүргүзүүгө болот.

Ошентип, өзүнө өзү тыюу салуу – бул жарандын каржылык коопсуздугунун жаңы элементи, өз үйүнөн чыкпай туруп өз ысымын коё алган санарип кулпусунун бир түрү. Санарип кызматын бүгүнкү күндө миллиондогон кыргызстандыктар пайдаланууда. Бул керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого жана кредиттөө рыногундагы тобокелдиктерди азайтууга болгон кадам.

Азыркы учурда Улуттук банк жаңы кабыл алынган мыйзамга ылайык өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ылайык келтирүүнүн үстүндө иш алып барууда. Демек, мыйзам алдындагы база түзүлүү менен анын негизинде бардык кредиттик уюмдар төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- кредит берүүнүн алдында өзүнө өзү тыюу салуу жөнүндөгү маалыматты суроого;
- өзүнө өзү тыюу салуу бар болсо кредиттик бүтүм түзүүдөн баш тартууга.

Жаран электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы "Түндүк" мобилдик тиркемесине өзүнө өзү тыюу салууну орноткондон кийин бул маалымат автоматтык түрдө Кредиттик маалыматтык бюрого (КМБ) өтөт. Банктар кредиттик тапшырыктарды караган учурда сөзсүз түрдө кредиттик бюродо өзүнө өзү тыюу салуунун бар же жок экенин кароого милдеттүү. Эгерде өзүнө өзү тыюу салуу бар болсо, анда банк кредиттик бүтүм түзүүгө укуксуз. Бул кредиттик алдамчылыктын болушуна жол бербейт.

Азыркы учурда Улуттук банк кредиттик бюро, финансылык-кредиттик уюмдар жана Мамлекеттик "Түндүк" мекемеси менен биргеликте мына ушул үч түйүндүү структуралардын ортосундагы техникалык интеграция маселесин иштеп жатышат.

Бул иштин максаты – өзүнө өзү тыюу салуу жөнүндө маалымат алуунун ишенимдүү, корголгон жана оперативдүү системасын түзүү болуп эсептелет. Техникалык интеграция аяктагандан кийин механизм толук көлөмүндө иштей баштайт. Муну менен жакынкы айларда жарандардын бул кызматтарды толук пайдалануусу күтүлүүдө.

## АЛДАМЧЫЛЫКТАН КОРГОНУУНУН ДАГЫ БАШКА ЧАРАЛАРЫ

Улуттук банк жарандарды каржылык алдамчылардан коргонуу үчүн өзүнө өзү тыюу салуу механизми менен катарда төмөндөгүдөй зарыл чараларды көрүүлөрү зарыл экендигин эскертет:

**1. Жеке маалыматтарыңызды башка бирөөлөргө бербеңиз.**

- Мессенджерлер же соцтармактар аркылуу паспорттук маалыматтарыңызды, паспорттун фотосун, ИННди бир жакка жөнөтпөңүз, жада калса досуңузга да;
- Паспорттун көчүрмөсүн коопсуз жерлерге калтырбаңыз, бул маалымат уурдоонун негизи болуп эсептелет.

**2. Мобилдик тиркемелериңизге кирүүнү көзөмөлгө алыңыз.**

- Смартфонго коргонууну орнотуңуз: PIN, бармактын изин, Face ID;
- Телефонуңузду жоготсоңуз тез арада банк тиркемеңиздин паролун алмаштырыңыз.

**3. Билдирүүнү туташтырыңыз.**

- банк тиркемелериндеги SMS билдирүүлөр жана push-кабарландыруулар күмөндүү аракеттерди тез арада билүүгө мүмкүндүк берет;
- кээ бир банктар кала берсе кредитке тапшырык түшкөндүгүн маалымдашат, сиз мындан пайдаланып калыңыз.

**4. SMS аркылуу кодду бербеңиздер жана белгисиз көрсөтмөлөргө кирбеңиздер.**

- Банктар эч качан ырастама коддорду телефон аркылуу сурашпайт;
- Эгерде сизден картанын көчүрмөсүн же "бир жолку кодду" берүүнү сурашкан болсо, бул 100 пайыз алдамчылык.

***5. Ар кандай күмөн саноо болсо, дароо кабарлаңыз.***

- Эгерде сизде алдамчылыкка күмөн саноо пайда болуп калса банкка/кредиттик мекемеге жана укук коргоо органына тез арада кабарлаңыз. Териштирүү иштери канчалык эрте башталса зыянга учурабай калуунун мүмкүнчүлүгү ошончолук жогору болот.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы банк системасынын коопсуздугу үчүн контролду тынымсыз күчөтүп турат жана жаңыдан киргизилип жаткан өзүнө өзү тыюу салуу механизми биздин өлкөдө финансылык коргонуунун деңгээлин жогорулатат деген ишенимчи жаратат.

**Эскертүү:** Бул макала Улуттук банктын басма сөз кызматынан алынган маалыматтардын негизинде даярдалды.

**Абдимухтар АБИЛОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 17-АПРЕЛИНДЕГИ №207 “ИДЕНТИФИКАЦИЯЛЫК ЖЕКЕ НОМЕРДИ ЫЙГАРУУ ЖАНА ӨЗГӨРТҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-апрелиндеги №207 “Идентификациялык жеке номерди ыйгаруу жана өзгөртүү тартибин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Идентификациялык жеке номерди ыйгаруу жана өзгөртүү тартибинде:

– 12-пункттагы “нотариалдык формада күбөлөндүрүлгөн” деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-сентябры, №547***

## БАКТЕРИОЛОГИЯЛЫК (БИОЛОГИЯЛЫК) ЖАНА УУЛУУ КУРАЛДАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУГА, ӨНДҮРҮҮГӨ ЖАНА АЛАРДЫН ЗАПАСТАРЫН ТОПТООГО ТЫЮУ САЛУУ ЖАНА АЛАРДЫ ЖОК КЫЛУУ ЖӨНҮНДӨ КОНВЕНЦИЯНЫ ИШКЕ АШЫРУУ ТУУРАЛУУ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Экспорттук контролдун натыйжалуу системасын түзүү, биологиялык коопсуздукту камсыз кылуу максатында, “Экспорттук контроль жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-статьясына, “Кыргыз Республикасындагы биологиялык коопсуздук жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7, 11-беренелерине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бактериологиялык (биологиялык) жана уулуу куралдарды иштеп чыгууга, өндүрүүгө жана алардын запастарын топтоого тыюу салуу жана аларды жок кылуу жөнүндө конвенцияны ишке ашыруу тууралуу жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2**. Министрликтер жана ведомстволор ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн Жобону ишке ашырууну камсыз кылсын жана жетекчиликке алсын.

**3**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-сентябры, №548***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын штаттык санын оптималдаштыруу жана ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 2-тиркемесинде:

– 7-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7 | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия | 72 | 7 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 24 | 3 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү | 48 | 4 |

”.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 31-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы №380 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтомунун 1-пунктунун 2-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**4**. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги “Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда ушул токтомдон келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү карасын.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-сентябры, №549***

## «АКЫЛДУУ ШААР» ДОЛБООРУНУН «КООПСУЗ ШААР» КОМПОНЕНТИН АНДАН АРЫ ӨНҮКТҮРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-сентябрындагы №265 «Акылдуу шаар» долбоорунун «Коопсуз шаар» компонентин ишке ашыруунун маселелери жөнүндө» Жарлыгынын 3-пунктун, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 15-майындагы №153 «Укук бузуулардын бирдиктүү реестрин жүргүзүү маселелери жөнүндө» Жарлыгынын 4-пунктун ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** «Укук бузуулардын бирдиктүү реестри» автоматташтырылган маалыматтык системасында иштелип чыккан, анын ичинде аппараттык-программалык комплекстерди колдонуу менен катталган укук бузууларды жасагандыгы үчүн алынуучу айыптардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартиби (мындан ары – Тартип) тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 4-августундагы №421 «Жол кыймылынын эрежелерин жана Транспорт каражаттарын пайдаланууга уруксат берүү боюнча негизги жоболорду жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча кызмат адамдарынын милдеттерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жол кыймылынын эрежелеринде:

1.2-пунктта:

– төмөнкүдөй мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

«Жол кыймылынын эрежелерин бузууларды фото-видео фиксациялоо аппараттык-программалык комплекси – фото жана кино тартуу, видео жазуу функциялары бар сертификацияланган атайын контролдук-өлчөөчү техникалык каражат.»;

– жыйырма үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Жолдогу кырдаал» – жолдун шарттары, жолдун белгилүү бир участогунда тоскоолдуктардын болушу, жол кыймылынын интенсивдүүлүгү жана уюштурулуш деңгээли (жол бетиндеги чийиндердин, жол белгилеринин, жол жабдууларынын, анын ичинде фото жана кино тартуу, видео жазуу функциялары бар сертификацияланган атайын контролдук-өлчөөчү техникалык каражаттардын болушу, алардын абалы) менен мүнөздөлүүчү факторлордун жыйындысы, алар айдоочу тарабынан ылдамдыкты, жүрүү тилкесин жана транспорт каражатын башкаруу ыкмаларын тандоодо эске алынууга тийиш.».

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-декабрындагы №711 «Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын Техникалык багыттагы борбору» мамлекеттик ишканасы жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын «Техникалык багыттагы борбору» мамлекеттик ишканасынын уставында:

– 15-пункттун 9-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«9) Жол кыймылынын эрежелерин бузууларды фото жана кино тартуу, видео фиксациялоо функциялары бар аппараттык-программалык комплекстерди орнотуу, монтаждоо, жөндөө, оңдоо, эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө, ошондой эле инфраструктуралык объекттерди куруу.»;

– 16-пункттун 29-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«29) Жол кыймылынын эрежелерин бузууларды фото жана кино тартуу, видео фиксациялоо функциялары бар аппараттык-программалык комплекстерди орнотуу, монтаждоо, жөндөө, оңдоо, эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө, ошондой эле инфраструктуралык объекттерди куруу.».

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-мартындагы №116 «Акылдуу шаар» долбоорунун «Коопсуз шаар» компонентин ишке ашыруу маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу «Кызмат» мамлекеттик мекемеси, «Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын Техникалык багыттагы борбору» мамлекеттик ишканасы жана «Кыргызтелеком» ачык акционердик коому төмөнкүлөр боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчүлөр болуп аныкталсын:

– «Акылдуу шаар» долбоорунун «Коопсуз шаар» компонентин ишке ашыруунун алкагында атайын контролдук-өлчөөчү техникалык каражаттарды колдонуу менен фиксацияланган транспорт агымы, видеобайкоо маалыматтары жана Жол кыймылынын эрежелерин бузуулар жөнүндө комплекстүү маалыматты күнү-түнү, автоматтык түрдө, үзгүлтүксүз берүү боюнча;

– Жол кыймылынын эрежелерин бузууларды фото жана кино тартуу, видеофиксациялоо функциялары бар аппараттык-программалык комплекстерди орнотуу, монтаждоо, жөндөө, оңдоо, эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө, ошондой эле «Акылдуу шаар» долбоорунун «Коопсуз шаар» компонентинин толук иштеши үчүн зарыл болгон башка инфраструктуралык объекттерди куруу боюнча.»;

2) 4-пункттун 2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2) Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу «Кызмат» мамлекеттик мекемесинен, «Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын Техникалык багыттагы борбору» мамлекеттик ишканасынан жана «Кыргызтелеком» ачык акционердик коомунан төмөнкү кызматтарды бир булактан алуу методу менен сатып алууну жүргүзсүн:

– «Акылдуу шаар» долбоорунун «Коопсуз шаар» компонентин ишке ашыруунун алкагында атайын контролдук-өлчөөчү техникалык каражаттарды колдонуу менен фиксацияланган транспорт агымы, видеобайкоо маалыматтары жана Жол кыймылынын эрежелерин бузуулар жөнүндө комплекстүү маалыматты күнү-түнү, автоматтык түрдө, үзгүлтүксүз берүү боюнча;

– Жол кыймылынын эрежелерин бузууларды фото жана кино тартуу, видеофиксациялоо функциялары бар аппараттык-программалык комплекстерди орнотуу, монтаждоо, жөндөө, оңдоо, эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө, ошондой эле «Акылдуу шаар» долбоорунун «Коопсуз шаар» компонентинин толук иштеши үчүн зарыл болгон башка инфраструктуралык объекттерди куруу боюнча.»;

3) 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«5. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу «Кызмат» мамлекеттик мекемесине, «Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын Техникалык багыттагы борбору» мамлекеттик ишканасына жана «Кыргызтелеком» ачык акционердик коомуна ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн иштерди жүргүзүү жана кызматтарды көрсөтүү үчүн зарыл болгон уруксат берүүчү документтерди тездетип алууга көмөк көрсөтсүн.».

**5.** Министрликтер, мамлекеттик комитет, административдик ведомстволор жана башка мамлекеттик органдар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык укук бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укуктуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча):

1) өздөрүнүн ведомстволук автоматташтырылган маалыматтык системаларын ушул токтомдун 1-пункту менен бекитилген Тартиптин талаптарына ылайык келтирсин жана чараларды көрсүн;

2) өз чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**6.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги «Кыргызтелеком» ачык акционердик коому жана «Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын Техникалык багыттагы борбору» мамлекеттик ишканасы менен 2024-жылдын 18-сентябрынан тартып ушул токтом күчүнө киргенге чейинки мезгилде «Акылдуу шаар» долбоорунун «Коопсуз шаар» компонентин ишке ашыруунун алкагында иш жүзүндө көрсөтүлгөн кызматтар үчүн тиешелүү эсептешүүлөрдү жүргүзсүн.

**7.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-декабрындагы №778 «Укук бузуулардын бирдиктүү реестри» автоматташтырылган маалыматтык системасында иштелип чыккан, анын ичинде «Акылдуу шаар» долбоорунун «Коопсуз шаар» компонентин ишке ашыруунун алкагында аппараттык-программалык комплексти колдонуу менен фиксацияланган укук бузууларды жасагандыгы үчүн өндүрүлгөн айып пулдардын суммаларын түзүү жана пайдалануу тартибин бекитүү жөнүндө» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 15-апрелиндеги №204 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Акылдуу шаар» долбоорунун «Коопсуз шаар» компонентин ишке ашыруу бөлүгүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтомунун 2-пункту.

**8**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**9.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-сентябры, №550***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 19-ИЮНУНДАГЫ №310 “ЖАРАНДЫК ЖАНА КЫЗМАТТЫК КУРАЛДАРДЫ ЖАНА АЛАРДЫН ПАТРОНДОРУН, ОШОНДОЙ ЭЛЕ КОНСТРУКЦИЯСЫ БОЮНЧА КУРАЛГА ОКШОШ БУЮМДАРДЫ МИЛДЕТТҮҮ ТҮРДӨ СЕРТИФИКАТТООНУ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИН ЖАНА МИЛДЕТТҮҮ ТҮРДӨ СЕРТИФИКАТТАЛУУГА ТИЙИШ БОЛГОН ЖАРАНДЫК ЖАНА КЫЗМАТТЫК КУРАЛДАРДЫН ЖАНА АЛАРДЫН ПАТРОНДОРУНУН, ОШОНДОЙ ЭЛЕ КОНСТРУКЦИЯСЫ БОЮНЧА КУРАЛГА ОКШОШ БУЮМДАРДЫН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Милдеттүү түрдө сертификатталууга тийиш болгон жарандык жана кызматтык куралдардын жана алардын патрондорунун, ошондой эле конструкциясы боюнча куралга окшош буюмдардын тизмегин актуалдаштыруу максатында, “Кыргыз Республикасындагы техникалык жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44-статьясынын 2-пунктуна, “Курал жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-июнундагы №310 “Жарандык жана кызматтык куралдарды жана алардын патрондорун, ошондой эле конструкциясы боюнча куралга окшош буюмдарды милдеттүү түрдө сертификаттоону жүргүзүү тартибин жана Милдеттүү түрдө сертификатталууга тийиш болгон жарандык жана кызматтык куралдардын жана алардын патрондорунун, ошондой эле конструкциясы боюнча куралга окшош буюмдардын тизмегин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттун 4-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“4) квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 5ине чейин техникалык жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу органга берилген шайкештик сертификаттарынын реестрин, өтүнмө ээлери тарабынан коопсуздуктун милдеттүү талаптары бузулган учурлар жөнүндө маалыматтарды берип турсун.”;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жарандык жана кызматтык куралдарды жана алардын патрондорун, ошондой эле конструкциясы боюнча куралга окшош буюмдарды милдеттүү түрдө сертификаттоону жүргүзүү тартибинде:

– 6-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“6. Куралды сертификаттоо боюнча сыноолор тиешелүү жаатта аккредитациялоо менен аккредитацияланган сыноо лабораторияларында жүргүзүлөт.”;

– 8–10-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“8. Куралды сертификаттоо Милдеттүү түрдө сертификатталууга тийиш болгон жарандык жана кызматтык куралдардын жана алардын патрондорунун, ошондой эле конструкциясы боюнча куралга окшош буюмдардын тизмегинде белгиленген стандарттардын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

9. Куралдарды сертификаттоону жүргүзүү менен байланышкан иштерге акы төлөө сертификаттоо боюнча орган тарабынан бекитилген тарифтерге жана/же прейскуранттарга ылайык өтүнмө берүүчү тарабынан жүргүзүлөт.

10. Шайкештик сертификаты электрондук басып чыгаруучу түзүлүштөрдү колдонуу менен гана мамлекеттик жана расмий тилдерде таризделет.”;

– 17-пунктта “Куралдын шайкештигин ырастоодо” деген сөздөр “Куралды сертификаттоодо” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 19-пунктта:

4-пунктчада:

экинчи абзацта расмий тилдеги “пункта” деген сөз “пункту” деген сөзгө алмаштырылсын;

алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– куралдардын коопсуздук талаптарына шайкештигин ырастоочу документтерди (бар болсо): шайкештик сертификатын (аны берген сертификаттоо боюнча аккредиттелген орган тарабынан күбөлөндүрүлгөн түп нускасын же көчүрмөсүн), аккредиттелген ата мекендик же чет өлкөлүк сыноо лабораториялары тарабынан аткарылган сыноолордун протоколдорун (аларды жүргүзүү мөөнөттөрүн эске алуу менен аларды берген аккредиттелген лаборатория тарабынан күбөлөндүрүлгөн түп нускасы же көчүрмөсү);”;

7-пунктчада “шайкештигин ырастоочу документтери” деген сөздөр “шайкештик сертификаты” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 21-пунктта:

1-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“1) куралдын партиясын карап чыгат, өтүнмө кабыл алынып, сертификаттоо боюнча иштерди жүргүзүү үчүн келишимге (макулдашууга) кол коюлуп, сертификаттоо боюнча иштерге акы төлөнүп жана куралды баалоо үчүн зарыл болгон документтер берилгенден кийин бир жумуш күндүн ичинде (сертификаттоо схемасына ылайык) сыноолорду жүргүзүү үчүн куралдын үлгүлөрүн тандап алат;”;

3-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“3) өтүнмө берүүчүнүн жана/же өкүлүнүн катышуусунда сыноо үчүн куралдын үлгүлөрүн тандоону, маркалоону, пломба басууну жана куралдын үлгүлөрүн тандап алуу жана идентификациялоо актысын нускасы ушул Тартиптин 4-тиркемесине ылайык эки нускада тариздөө менен үлгүлөрдү алуу жол-жобосун документтештирүүнү жүзөгө ашырат: актынын бир нускасы өтүнмө берүүчүгө жана/же өкүлүнө берилет, экинчи нускасы сертификаттоо боюнча органда сакталат;”;

– 22-пункттун биринчи абзацындагы “башка документтер менен бирге” деген сөздөр алып салынсын;

– 28-пунктта:

төртүнчү абзацта расмий тилдеги “схемы” деген сөз “схеме” деген сөзгө алмаштырылсын;

алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Куралдарга берилген шайкештик сертификаттарынын реестри “Tulpar System” бирдиктүү терезесинин маалыматтык системасынын алкагында сертификаттоо боюнча орган тарабынан жүргүзүлөт. Куралдарга шайкештик сертификаттарынын номерлерин түзүү түзүмүндө милдеттүү сертификаттоонун түрү 02 шифри менен белгиленет.”;

– 45-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“45. Өтүнмө берүүчүгө куралга шайкештик сертификатын берүүдөн баш тартылган же берилген шайкештик сертификатын колдонууну токтото туруу же жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда сертификаттоо боюнча орган куралдын ушул түрүн мамлекеттик контролдоо (көзөмөлдөө) боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрүнө жана товарлар иш жүзүндө турган региондогу бажы органына билдирет.”;

– төмөнкүдөй мазмундагы $53^1$-пункт менен толукталсын:

“$53^1$. Эгерде продукцияга талаптар эквиваленттүү болуп эсептелсе жана сертификаттоо боюнча орган тарабынан ушул пункттун жоболорун эске алуу менен белгиленсе, жөнөкөйлөтүлгөн программа боюнча сертификаттоону жүргүзүү жол-жобосу Евразия экономикалык биримдигине (мындан ары – ЕАЭБ) мүчө мамлекетте өндүрүлгөн куралга карата гана жүзөгө ашырылат.

Эгерде продукцияны сертификаттоо жүргүзүүгө өтүнмө берүүчү коопсуздук талаптарына куралдын шайкештигин ырастаган документтерди (шайкештик сертификатынын түп нускасы же аны берген ЕАЭБге мүчө мамлекеттин сертификаттоо боюнча аккредиттелген органы тарабынан күбөлөндүрүлгөн анын көчүрмөсү; ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин аккредиттелген сыноо лабораториялары тарабынан берилген куралдын конкреттүү партиясына сыноолордун (аларды өткөрүү мөөнөттөрүн эске алуу менен) протоколдорунун түп нускалары же аларды берген ЕАЭБдин аккредиттелген сыноо лабораториялары тарабынан күбөлөндүрүлгөн алардын көчүрмөлөрү) (мындан ары – ЕАЭБдин шайкештик сертификаттары, ЕАЭБдин сыноолорунун протоколдору) берсе, анда сертификаттоо боюнча органдын чечими боюнча сертификаттоо жөнөкөйлөтүлгөн программа боюнча жүргүзүлөт.

Сертификаттоо боюнча орган 20-пунктта көрсөтүлгөн иштерди, ошондой эле төмөнкүлөрдү жүргүзөт:

– берилген документтердин Продукциялардын тизмегине ылайык коопсуздук көрсөткүчтөрү боюнча стандарттардын талаптарына шайкештигин, аларды берүү жана колдонуу мөөнөттөрүн аныктоо бөлүгүндө экспертизалоону;

– билдирилген куралдын партиясынын берилген документтерге шайкештигин аныктоо максатында алып келинген куралдын партиясын карап чыгууну;

– куралга берилген документтерди талдап чыккандан жана аны карап чыккандан кийин оң натыйжа болгондо сыноолорду жүргүзбөстөн сертификаттоо боюнча иштерди жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алат.

Куралга берилген документтерди талдоонун жана/же аны кароонун терс натыйжасы болгон учурда жана сертификаттоо боюнча орган тарабынан куралдын коопсуздуктун белгиленген талаптарына шайкеш келбешине алып келиши мүмкүн болгон сактоо жана (же) ташуу шарттарын бузуунун айкын натыйжалары белгиленгенде, сертификаттоо боюнча орган коопсуздуктун бардык көрсөткүчтөрү боюнча сыноолорду жүргүзүүнү дайындоого укуктуу;

– шайкештик сертификатын каттоону жүргүзөт жана аны өтүнмө берүүчүгө берет.

Зарыл болгон учурда сертификаттоо боюнча орган кошумча төмөнкүдөй маалымат сурай алат:

– ЕАЭБге мүчө мамлекеттин сертификаттоо боюнча аккредиттелген органы тарабынан берилген шайкештик сертификатында же ЕАЭБге мүчө мамлекеттин аккредиттелген сыноо лабораториясы тарабынан берилген сыноолордун протоколунда көрсөтүлгөн техникалык талаптарды белгилөөчү документтер;

– куралга шайкештик сертификатын берүү үчүн негиз болгон документтер.

Өтүнмөнү кабыл алуудан тартып өтүнмө берүүчүгө шайкештик сертификаты берилгенге чейин жөнөкөйлөтүлгөн программа боюнча сертификаттоону жүргүзүү жол-жобосу боюнча иштерди жүргүзүү мөөнөтү бардык ырастоочу документтер болсо, продукцияга сыноолорду жүргүзүү убактысын эсепке албастан, куралдын бардык түрлөрү үчүн эки күндөн ашпоого тийиш.

Шайкештик сертификатын колдонуу мөөнөтү ЕАЭБге мүчө мамлекеттин сертификаттоо боюнча аккредиттелген органы тарабынан берилген шайкештик сертификатынын колдонуу мөөнөтүн, куралдын жарактуулук мөөнөтүн, продукцияны берүү жөнүндө келишимдердин (контракттардын) колдонуу мөөнөтүн эске алуу менен белгиленет.

Продукцияга шайкештик сертификатынын бланкын толтуруу Тартипке ылайык жүргүзүлөт, мында “ченемдик документтердин талаптарына шайкеш келет” графасында продукцияга стандарт көрсөтүлөт.”;

– 54-пунктта “49–53-пункттарында” деген сөздөр “49–$53^1$-пункттарында” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 56-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“56. Сертификаттоо үчүн берилген куралдардын үлгүлөрүн тандап алуу сертификаттоо боюнча орган тарабынан жүргүзүлөт жана куралды идентификациялоо, тандалып алынган үлгүлөргө аккредиттелген сыноо лабораториясы тарабынан сыноолорду жүргүзүү максатында жүзөгө ашырылат.”;

– 61-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“61. Тандап алуу аяктагандан кийин ушул Тартиптин 4-тиркемесине ылайык сертификаттоо үчүн берилген куралдын үлгүлөрүн тандап алуу жана идентификациялоо актысы таризделет.”;

– 62-пунктта:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“62. Сертификаттоо үчүн берилген куралдын үлгүлөрүн тандап алуу жана идентификациялоо актысында төмөнкүлөр камтылат:”;

сегизинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– тандап алууну ишке ашырган сертификаттоо боюнча органдын кызматкеринин (кызматкерлеринин) жана өтүнмө берүүчү тарабынан ыйгарым укук берилген жана тандап алууда катышкан адамдардын фамилиялары, инициалдары жана кол тамгалары.”;

– 64-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

3) жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Тизмекте белгиленген жарандык жана кызматтык куралдарды жана алардын патрондорун, ошондой эле конструкциясы боюнча куралга окшош буюмдарды сертификаттоо боюнча иштерди жүргүзүүгө аккредиттелген сертификаттоо боюнча органдар бир айлык мөөнөттө Тизмекке киргизилген жарандык жана кызматтык куралдарды жана алардын патрондорун, ошондой эле конструкциясы боюнча куралга окшош буюмдарды милдеттүү түрдө сертификаттоо жүргүзүү жол-жобосун жана өзүнүн аккредитациялоо жаатын ушул токтомго ылайык келтирсин жана аларды Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Кыргыз аккредитация борборуна берсин.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-сентябры, №551***

## ИШТЕТИЛБЕГЕН ЖЕ ОДОНО МАЙДАЛАНГАН, ТААРЫП КЕСИЛГЕН ЖЕ БАШКА ЫКМА МЕНЕН ТИК БУРЧТУУ, ЧАРЧЫ ФОРМАДАГЫ БЛОКТОРГО ЖЕ ТАКТАЛАРГА БӨЛҮНГӨН АКИТАШ-РАКУШЕЧНИКТИ ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН БАЖЫ АЙМАГЫНАН ТЫШКАРЫ ТАШЫП ЧЫГУУГА УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 47-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн же казып алынган иштетилбеген же одоно майдаланган, таарып кесилген же башка ыкма менен тик бурчтуу, чарчы формадагы блокторго же такталарга бөлүнгөн акиташ-ракушечникти (ЕАЭБ ТЭИ ТН 2515 11 000 0 жана 2515 12 000 0 коддору менен классификациялануучу) Кыргыз Республикасынан Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынан тышкары ташып чыгууга ушул токтом күчүнө киргенден тартып үч күн өткөндөн кийин киргизилүүчү алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салуу белгиленсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги бул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Дүйнөлүк соода уюмуна жана Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги бул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**4**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн товарларды мыйзамсыз ташып чыгууга бөгөт коюуга багытталган зарыл чараларды көрсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-февралындагы №65 “Иштетилбеген же одоно майдаланган, таарып кесилген же башка ыкма менен тик бурчтуу, чарчы формадагы блокторго же такталарга бөлүнгөн акиташ-ракушечникти Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынан тышкары ташып чыгууга убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө” токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-сентябры, №553***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2020-ЖЫЛДЫН 13-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №79 "БАЖЫ ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бажылык жөнгө салууну өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 13-февралындагы №79 "Бажы иши чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Айрым бажы жол-жоболорун колдонуу боюнча нускамада:

– 147-пункттун он биринчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-сентябры, №552***

## КАРА МЕТАЛЛДАРДЫН СЫНЫКТАРЫН ЖАНА КАЛДЫКТАРЫН, КАЙРА ЭРИТҮҮ ҮЧҮН КАРА МЕТАЛЛДАРДЫН КУЙМАЛАРЫН (ШИХТ КУЙМАЛАРЫН) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНАН ТАШЫП ЧЫГУУГА УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 14-ноябрындагы №375 "Кара металлдардын сыныктарын жана калдыктарын, кайра эритүү үчүн кара металлдардын куймаларын Кыргыз Республикасынан ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 29, 47-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** ЕАЭБ ТЭИ ТН 7204 коду менен классификацияланууучу кара металлдардын сыныктарын жана калдыктарын, кайра эритүү үчүн кара металлдардын куймаларын (шихт куймаларын) Кыргыз Республикасынан ташып чыгууга ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күн өткөндөн кийин киргизилүүчү алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салуу белгиленсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги бул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Дүйнөлүк соода уюмуна жана Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги бул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**4**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн товарларды мыйзамсыз ташып чыгууга бөгөт коюуга багытталган зарыл чараларды көрсүн.

**5**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 5-мартындагы №115 "Кара металлдардын сыныктарын жана калдыктарын, кайра эритүү үчүн кара металлдардын куймаларын (шихт куймаларын) Кыргыз Республикасынан ташып чыгууга убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-сентябры, №554***

***"Эркин-Тоо" газетасынын юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо жөнүндөгү күбөлүгү каттоо №348-3301-У-е код ОКПОсу 20108596 (28.02.1997-жылы катталган) сериясы ГРП №000076 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

***Кадамжай районуна караштуу Бирлик айыл өкмөтүнүн Сур айылынын тургуну Дубанаев Курсан Орунбаевичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү №0110168 (31.03.1995-ж.) жана каттоо №389 2020-2621 (13.02.2020-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-491

***Кадамжай районуна караштуу Бирлик айыл өкмөтүнүн тургуну Дубанаева Назия Мамытовнага тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү №0110168 (31.03.1995-ж.) жана каттоо №389 2020-2621 (13.02.2020-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-491

***Раимкулова Айнура Абджалиловнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 31484084 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-492

***Интымаков Саламат Искаковичке таандык сериясы Ч №795966 жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-487

***Каракол Медициналык колледжи тарабынан Кененбаева Айгүл Эшимбековнага тиешелүү диплому сериясы УС №150146525 (4.06.2015-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-487

***Молдогазиев Жолдошбек Турдубековичке тиешелүү жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнө таандык жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы ЖБ №280 (18.03.1996-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-487

***Чалакеев Абазбек Турсунбековичке таандык мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн ОКПО коду 23587568 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
К.Т.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАТКЕН ОБЛУСУНУН ЛЕЙЛЕК РАЙОНУНУН КУЛУНДУ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕЛЕРИН "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "КАЛКТУУ КОНУШТУН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Лейлек районунун Кулунду айыл аймагына кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасынын тилкелеринен көчүрүлүүгө тийиш болгон жарандарды жайгаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнө, "Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн 11-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 25-июнундагы №01-18/2548, №01-18/2549 корутундуларын, Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 23-июлундагы №15, №16 токтомдорун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Лейлек районунун Кулунду айыл аймагында жайгашкан, мамлекеттик менчикте турган, жалпы аянты 55,24 га жер тилкелери кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасынын тилкелеринен көчүрүлүүгө тийиш болгон жарандарды жайгаштыруу максатында "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштун жерлери" категориясына которулсун (трансформацияланcын), анын ичинен:

– №376 контурдагы 11,19 га – айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун сугат айдоо жерлери;

– №6 (11,03 га), №1 (1,58 га), №4 (31,36 га) контурлардагы 43,97 га – жайыттар;

– №6 (0,03 га), №4 (0,04 га) контурлардагы 0,07 га – мал айдап өтүүчү жерлер;

– №4 контурдагы 0,01 га – суу астындагы жерлер.

**2.** Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Лейлек районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкелерин максаттуу пайдаланууну;

3) Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарына ылайык жана курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоо менен жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкелеринин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, ошондой эле башкы планда каралган жер титирөөгө каршы иш-чараларга мониторинг жүргүзүүнү жана тиешелүү аймакта коопту табигый процесстерди жана кубулуштарды божомолдоо боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу менен аларды контролдоону жүзөгө ашырууну;

5) өздүк каражаттардын эсебинен региондун жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, социалдык-экономикалык өнүгүүнү уюштурууну;

6) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталган учурда аларды сактоону;

7) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкелери пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда жер тилкелерин баштапкы абалга милдеттүү түрдө келтирүү менен жер пайдалануучуга карата чараларды көрүүнү;

8) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ченемдик актыларды сактоону;

9) "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык автомобиль жолуна бөлүнгөн тилкени сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-сентябры, №558***

***Шерматов Жуманазар Баатырбековичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү (идентификациялык коду 3-04-03-0007-0125, 3-04-03-0007-0811, 3-04-03-0006-0302) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Д-05

**Жеке ишкер Жоргоев Асан Абдыкариевич**
*код ОКПОсу 27500050*
***өзүнүн жабылгандыгын билдирет.***
**Бардык доомattар 2 ай ичинде кабыл алынат.**
**Дареги: Бишкек шаары, Понамарева көчөсү 13.**
Н-478

***Сатыбалдиева Ибадаткан Сакыбаевнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы Ч№942434, идентификациялык коду 3-05-09-1007-0258) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Д-05

***Исмаилов Махамаджан Яхшибаевичке тиешелүү турак жайынын техникалык паспорту (идентификациялык коду 3-02-02-0019-1057) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Д-05

***В связи с утерей Гос. Акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №330416 на имя Бакчиевой Дуйшомбубу Эсеналиевны считать недействительным.***
П/П 609

***В связи с утерей Гос. Акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №227743 от 14.10.2009 г. 2-03--09-1001-0615 на имя Ордобаевой Айгуль Алиевны считать недействительным.***
П/П 737

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООНУ ӨТКӨРҮҮДӨ ТАЛАПКЕРДИН, САЯСИЙ ПАРТИЯНЫН ШАЙЛОО ФОНДУН ТҮЗҮҮ, АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЕЛИП ТҮШҮШҮН ЖАНА ЧЫГЫМДАЛЫШЫН ЭСЕПКЕ АЛУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Шайлоо фонддорун түзүүнүн жана каражаттарын чыгымдоонун тартиби, отчеттордун мөөнөттөрүн жана формаларын бекитүүнү жөнгө салуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 41-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө жобо тууралуу" 2020-жылдын 26-июнундагы №112 токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө жобо тууралуу" 2020-жылдын 26-июнундагы №112 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 2021-жылдын 29-августундагы №662 токтому.

**3.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 29-августу, №65***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 29-августундагы №65 токтомуна тиркеме*

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө

# ЖОБО

### Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына (мындан ары - конституциялык Мыйзам) ылайык иштелип чыкты жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоолорду өткөрүүдө талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун атайын эсептерин ачуунун жана жүргүзүүнүн, талапкерлердин шайлоо фонддордун каражаттары боюнча эсепке алуунун жана отчеттуулукту жүргүзүүнүн тартибин жөнгө салат.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына көп мандаттуу шайлоо округу боюнча өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкерлер, ошондой эле көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялар өздөрүнүн шайлоо кампаниясын каржылоо үчүн өздүк шайлоо фонддорун түзүүгө милдеттүү.

3. Талапкердин же саясий партиянын шайлоо фонду конституциялык Мыйзамдын талаптарын эске алуу менен түзүлгөн каражаттардын, атап айтканда төмөнкү булактардан түзүлүшү мүмкүн:

– талапкердин же саясий партиянын өз каражаттарынан;

– жарандардын жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктарынан.

4. Шайлоо фондун түзгөн бардык акча каражаттары банк мекемесиндеги атайын эсепке которулат. Бул эсеп талапкер же саясий партия тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясынын уруксаты менен ачылат.

5. Банк мекемелеринин же мобилдик тиркемелердин тизмесин, көрсөтүлгөн эсептерди ачуу жана жүргүзүү тартибин, шайлоо фонддорунун каражаттарын эсепке алуу жана отчеттуулук тартибин Борбордук шайлоо комиссиясы банк мекемелери же башка мекемелер менен макулдашуу аркылуу белгилейт.

6. Талапкерлер жана саясий партиялар шайлоо фондун түзүү, шайлоо кампаниясын каржылоо, акча каражаттарынын келип түшүүсүн жана сарпталышын мыйзамдуулугун эсепке алуу жана көзөмөлдөө, шайлоо фонддорунун каражаттары боюнча каржылык отчеттуулукту даярдоо жана тапшыруу маселелерин чечүү үчүн каржылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындоого укуктуу.

Ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн тизмеси, анын ичинде каржылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн тизмеси талапкер же саясий партия тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясына милдеттүү түрдө берилет. Тизмеде төмөнкү маалыматтар сөзсүз түрдө көрсөтүлүүгө тийиш: ыйгарым укуктары, фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган күнү, паспортунун сериясы жана номери, берилген күнү, жашаган жери, негизги иш же кызмат орду, ээлеген кызмат орду (эгерде негизги иши же кызмат орду жок болсо - кесиби), байланыш телефону, электрондук почта дареги.

Каржылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл жөнүндө маалыматта кошумча түрдө каржылык документтерге кол коюу укугу көрсөтүлүүгө тийиш.

Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүчү тизмеге тизмеде көрсөтүлгөн ар бир адамдын жазуу жүзүндөгү макулдугу, ыйгарым укуктуу өкүлдүн ишин жүзөгө ашырууга макул экендиги тууралуу билдирүүсү милдеттүү түрдө тиркелүүгө тийиш.

7. Борбордук шайлоо комиссиясы зарыл болгон документтер келип түшкөн күндөн тартып 3 календардык күндүн ичинде каржылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөргө каттоо күбөлүктөрүн берет же болбосо конституциялык Мыйзамга ылайык каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлүү чечим кабыл алат.

Талапкердин же саясий партиянын каржылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан катталып, каттоо күбөлүгү берилген учурдан тартып дайындалган деп эсептелет жана ыйгарым укуктуу өкүлдүн укуктары менен милдеттерин жүзөгө ашырууга укук алат.

8. Талапкердин же саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тууралуу маалыматтар, ошондой эле банк мекемесинде ачылган шайлоо фондунун атайын эсебинин номери талапкер тарабынан, талапкердин же саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан электрондук машина окуй турган түрдө Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматтык системасына милдеттүү түрдө киргизилүүгө тийиш.

9. Каржылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү шайлоонун жыйынтыгы аныкталган күндөн тартып 20 календардык күн өткөндөн кийин аяктайт.

10. Шайлоо фонддорунун каражаттарын пайдалануу укугу аларды түзгөн талапкерлерге, саясий партияларга жана алардын каржылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө таандык.

11. Каттоодон өткөндөн кийин талапкерлер жана талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялар өз шайлоо фонддорунун ачык эсептерин шайлоо алдындагы үгүт иштерин каржылоо үчүн жүргүзүүнү улантышат.

12. Талапкердин, саясий партиянын өзүнүн шайлоо фондун түзбөгөндүгү талапкерди каттоодон баш тартууга негиз болуп саналат.

13. Шайлоо фонддорунун каражаттарына, ыктыярдуу кайрымдуулуктарга жана аталган фонддорго которулган каражаттарга, ошондой эле аталган фонддордон чыккан чыгымдарга салык салуу тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет.

### 2. Шайлоо фонддорунун атайын эсептерин ачуу жана жабуу тартиби

14. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими менен Борбордук шайлоо комиссиясы жана округдук шайлоо комиссиялары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү мезгилинде көп мандаттуу шайлоо округунан талапкерлерден арыздарды, билдирүүлөрдү кабыл алууга, аларга шайлоо фондунун атайын эсебин ачуу боюнча уруксат (маалымкат) берүүгө укуктуу.

15. Көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер көрсөтүлгөн учурдан тартып каттоо үчүн документтерди тапшырганга чейин шайлоо фондун түзүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына же тиешелүү округдук шайлоо комиссиясына шайлоо фондунун атайын эсебин ачуу жөнүндө арызды, шайлоо фондунун акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу, финансылык документтерге кол коюуга укугу бар адамдардын ысымдарын жана маалыматтарын көрсөтүү менен жөнөтүүгө тийиш (ушул Жобонун тиркемесиндеги №1 формага ылайык).

Көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерди көрсөткөн саясий партия шайлоо комиссиясы саясий партиянын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүн каттагандан кийин 5 календардык күндүн ичинде Борбордук шайлоо комиссиясына шайлоо фондунун атайын эсебин ачуу жөнүндө арызды, шайлоо фондунун акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу, каржы документтерине кол коюуга укугу бар адамдардын аты-жөнүн жана маалыматтарын көрсөтүү менен жөнөтүүгө тийиш (ушул Жобонун тиркемесиндеги №1 формага ылайык).

16. Шайлоо фондунун атайын эсебин ачуу үчүн керектелген документтер (ушул Жобонун тиркемесиндеги №1 формага ылайык), Борбордук шайлоо комиссиясына (тиешелүү округдук шайлоо комиссиясына) берилгенде төмөнкүлөр менен тастыкталууга тийиш:

– көп мандаттуу шайлоо округу боюнча өзүн-өзү көрсөтүп жаткан талапкердин колу;

– талапкерлерди көрсөткөн саясий партиянын жетекчисинин колу жана саясий партиянын мөөрү;

– талапкердин же саясий партиянын каржылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн колу (эгер дайындалган болсо).

17. Борбордук шайлоо комиссиясы (тиешелүү округдук шайлоо комиссиясы) талапкерге же саясий партияга шайлоо фондун түзүү үчүн атайын эсебин ачууга уруксат берүүчү жазуу жүзүндөгү уруксатты (маалымкат) дароо берүүгө милдеттүү (ушул Жобонун тиркемесиндеги №2 формага ылайык).

18. Борбордук шайлоо комиссиясынан (тиешелүү округдук шайлоо комиссиясынан) №2 формадагы атайын эсеп ачууга жазуу жүзүндөгү уруксатты (маалымкатты) алгандан кийин, көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер, талапкерлерди көрсөткөн саясий партия шайлоо фондун түзүү үчүн атайын эсеп ачат.

Талапкер же саясий партия өз шайлоо фондунун бир гана атайын эсебин ача алат.

Талапкер же саясий партия шайлоо фондун түзүү үчүн атайын эсепти Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген банк мекемесинде ачат.

19. Атайын эсепти ачуу банк мекемеси талап кылган документтерди жана Борбордук шайлоо комиссиясы (тиешелүү округдук шайлоо комиссиясы) берген төмөнкү документтерди бергенден кийин банк мекемеси тарабынан ишке ашырылат:

1) Борбордук шайлоо комиссиясынын (тиешелүү округдук шайлоо комиссиясынын) №2 формадагы жазуу жүзүндөгү уруксаты (ушул Жобонун тиркемесиндеги №2 формага ылайык);

2) каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү каттоо тууралуу Борбордук шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсү (эгер дайындалган болсо);

3) каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү (эгер мындай өкүл дайындалган болсо).

20. Көп мандаттуу шайлоо округунан талапкер өзү (эгерде каржылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү жок болсо) же талапкердин, саясий партиянын каржылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү атайын эсеп ачылган күндөн тартып 3 календардык күндүн ичинде Борбордук шайлоо комиссиясына (тиешелүү округдук шайлоо комиссиясына) атайын эсептин реквизиттерин №3 формага ылайык жазуу түрүндө билдирүүгө милдеттүү.

21. Шайлоо фондунун атайын эсебин тейлөөнүн бардык шарттары банктык эсепти тейлөөгө түзүлгөн келишимде көрсөтүлүүгө тийиш.

22. Шайлоо фондунун атайын эсеби талапкер, саясий партия тарабынан жыйынтыктоочу каржылык отчет берилгенден кийин Борбордук шайлоо комиссиясынын көрсөтмөсү боюнча банк мекемеси тарабынан жабылат.

### 3. Шайлоо фонддорун каржылоонун булактары

23. Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фонду төмөнкү акча каражаттарынын, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан эске алынуучу үгүттүк-маалыматтык мүнөздөгү материалдардын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) эсептик көрсөткүчтөн 15 000 эседен ашпаган талапкердин өз каражаттарынан;

2) эсептик көрсөткүчтөн 1 000 000 эседен ашпаган саясий партиянын өз каражаттарынан;

**(Уландысы 8-бетте)**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө

# ЖОБО

(Башталышы 7-бетте)

3) өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 2 000 эседен ашпаган жеке жактардын кайрымдуулук каражаттарынан;

4) өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 30 000 эседен ашпаган юридикалык жактардын кайрымдуулук каражаттарынан.

Талапкерлерди көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фондуна түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын чектелген суммасы ар бир талапкерге эсептик көрсөткүчтөн 200 000 эседен ашпайт.

***Саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн бир талапкердин шайлоо фондуна келип түшкөн жана сарпталган акча каражаттарынын чектик суммасын эсептөө формуласы:***

***$S_1$=ТӨК$_1$ + СПӨК$_1$/N + (ЖКС + ЮЖКС)/N, мында***

***$S_1$*** *– бир талапкердин шайлоо фондусуна түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын чеги < = 200000 эсептик көрсөткүчтөн көп болбошу керек. (мындан аары- э.к.);*

***ТӨК$_1$*** *– талапкердин милдеттүү түрдө өз каражаты болушу керек, <15000 э.к.;*

***СПӨК$_1$*** *– саясий партиянын милдеттүү түрдө өз каражаты болушу керек,<1000000 э.к./* ***N****;*

***ЖКС*** *– жарандардын жалпы кайрымдуулук суммасы, 1 жаран үчүн < 2000 э.к.;*

***ЮЖКС*** *– юридикалык жактардын жалпы кайрымдуулук суммасы, 1 юридикалык жак үчүн<30000 э.к.);*

***N*** *– саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин саны.*

*Ошентип, саясий партиянын шайлоо фондунун жалпы максималдуу суммасы төмөнкү формула менен эсептелет:*

***$S_N$ = сумма ТӨК + СПӨК + ЖКС + ЮЖКС мында:***

***$S_N$*** *– саясий партиянын шайлоо фондунун жалпы чектелген өлчөмү 200000 э.к.* ***N*** *көрсөткүчүнүн көбөйтүндүсүнө барабар же андан ашпоого тийиш, мында* ***N*** *- партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин саны.*

*Сумма* ***СПТӨК*** *– саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн бардык талапкерлердин өздүк каражаттарынын жалпы суммасы, 1 жаран үчүн < 15000 э.к. х* ***N****;*

***СПӨК*** *– саясий партиянын өз каражаттарынын жалпы суммасы < 1000000 э.к.;*

***ЖКС*** *– жарандардын кайрымдуулук каражаттарынын жалпы суммасы < 2000 э.к. х* ***N****;*

***ЮЖКС*** *– юридикалык жактардын кайрымдуулук каражаттарынын жалпы суммасы < 30000 э.к. х* ***N****.*

24. Жогорку Кеңештин депутаттыгына көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкердин шайлоо фонду Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан эсепке алынуучу төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

– эсептик көрсөткүчтөн 100 000 эседен ашпаган талапкердин өз каражаттарынан;

– эсептик көрсөткүчтөн 10 000 эседен ашпаган көрсөтүлгөн саясий партия тарабынан талапкерге бөлүнгөн каражаттардан;

– өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 5 000 эседен ашпаган жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттарынан;

– өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 5 000 эседен ашпаган юридикалык жактардын кайрымдуулук каражаттарынан.

Талапкерлердин шайлоо фондуна түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын чектелген суммасы эсептик көрсөткүчтөн 200 000 эседен ашпайт.

25. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүү тартибин бузуу жана ар бир талапкердин эсебинен шайлоо фондунун кирешелеринин/чыгымдарынын чектүү суммасын ашыруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке алып келет.

26. Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддоруна келип түшкөн акча каражаттары шайлоо дайындалган күнгө карата Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен белгиленген эсептик көрсөткүчтөн эсептелет.

27. Шайлоо фонддоруна түшкөн акча каражаттары улуттук валютада гана кабыл алынууга тийиш. Көрсөтүлгөн эсептер боюнча кирешелер чегерилбейт жана төлөнбөйт.

28. Жарандар жана юридикалык жактар талапкердин шайланышына өбөлгө түзгөн ишмердүүлүккө каржылык (материалдык) колдоону шайлоо фонддору аркылуу гана көрсөтүүгө укуктуу.

29. Талапкердин, саясий партиянын өз каражаттарын жана ыктыярдуу кайрымдуулуктарды шайлоо фондуна төгүү банктык эсептешүү эсеби аркылуу накталай эмес төлөм же болбосо банктык мекемелердин эсептик-кассалык бөлүмдөрү аркылуу накталай төлөм түрүндө жүргүзүлөт.

Мындай кайрымдуулук жашыруун деп таанылбасы үчүн, идентификациядан өтпөгөн төлөм тутумдары аркылуу акча каражаттарын накталай эмес которууга же төгүүгө тыюу салынат.

Ыктыярдуу кайрымдуулукту төгүүдө жаран төлөм документинде өзү жөнүндө төмөнкү маалыматтарды көрсөтөт: жеке идентификациялык номерин (ЖИН), фамилиясын, атын, атасынын атын.

Юридикалык жактын ыктыярдуу кайрымдуулугун төгүүдө төлөм тапшырмасында ал жөнүндө төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт: салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (СИН), аталышы.

Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген тизмеге кирген банктык мекемеде банктык эсептешүү эсеби бар кайрымдуулук кылуучу, ушул банктык мекеменин мобилдик тиркемеси аркылуу ыктыярдуу кайрымдуулук которуунy ишке ашыра алат.

30. Ыктыярдуу кайрымдуулук деп талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун атайын эсебине өзүнүн акча каражаттарын акысыз чегерүү таанылат.

31. Тийиштүү шайлоо фондуна жеке жактардан келип түшкөн кайрымдуулук каражаттары банк же башка мекеме аркылуу Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту көрсөтүлгөн учурда гана кабыл алынат. Накталай акчалай төлөмдөрдүн квитанцияларында кайрымдуулук кылуучунун толук маалыматтары “төлөмдүн максаты” деген графада көрсөтүлөт. Каражаттарды алган банктан шайлоо фонду жайгашкан банкка которууда, төлөм тапшырмасындагы кайрымдуулук кылуучу жөнүндө маалыматтар толугу менен көрсөтүлүүгө тийиш.

32. Юридикалык жактардан шайлоо фондуна түшкөн ыктыярдуу кайрымдуулуктар банк же башка мекеме тарабынан тиешелүү салык кызматынан жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бөлүмүнөн бюджетке карызы жоктугу жөнүндө маалымкаттарды көрсөткөндөн кийин гана кабыл алынат.

33. Белгиленген өлчөмдөн ашык түшкөн акча каражаттары шайлоо фонддоруна чегерилбейт жана жарандарга жана уюмдарга кайтарылып берилет. Бул учурда аталган каражаттарды кайтарып берүү менен байланышкан чыгымдар аларды чегерген жарандар менен уюмдардын эсебинен жабылат.

34. Талапкердин каттоодон баш тартуусу, талапкер өз талапкерлигин алып салганы же талапкердин каттоо жарактуулугун токтотуу (жоюу) учурларында шайлоо фонддоруна келип түшкөн каражаттар аларды берген жарандарга жана уюмдарга салынган каражаттарга пропорционалдуу түрдө кечиктирилбестен кайтарылууга тийиш. Бул учурда аталган каражаттарды кайтарып берүү менен байланышкан чыгымдар аларды чегерген жарандар менен уюмдардын эсебинен жабылат.

35. Кайра добуш берүү өткөрүлгөн учурда талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна келип түшкөн жана сарпталган акча каражаттарынын жалпы чектик суммасы бир жарым эсеге көбөйтүлүшү мүмкүн.

36. Кайра добуш берүү өткөрүлгөндө, кайра добуш берүү күнү дайындалган күнү кайра добуш берүү өткөрүлүп жаткан талапкерлердин атайын эсептери боюнча финансылык операциялар кайра жандандырылат.

### 4. Шайлоо фонддоруна каражат чогултууга тыюу салынган учурлар

37. Шайлоо фонддоруна төмөнкүлөрдүн ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнө жол берилбейт:

– чет мамлекеттердин, чет өлкөлүк мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана ишканалардын, башка чет өлкөлүк юридикалык жактардын, алардын бөлүмдөрүнүн жана өкүлчүлүктөрүнүн, катышуучусу чет өлкөлүк жарандар жана юридикалык жактар болуп саналган чет өлкөлүк жарандардын, эл аралык уюмдардын Кыргыз Республикасында катталган юридикалык жактарынын;

– жарандыгы жок адамдардын;

– мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын;

– мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана ишканалардын;

– уставдык капиталында мамлекеттик же муниципалдык үлүш бар, ошондой эле салыктар, жыйымдар жана башка милдеттүү төлөмдөр боюнча жеңилдиктерден пайдаланган юридикалык жактардын;

– аскер бөлүктөрүнүн, аскердик мекемелердин жана уюмдардын;

– укук коргоо органдарынын, соттордун;

– кайрымдуулук менен алектенген уюмдардын;

– диний уюмдардын;

– атын атабай кайрымдуулук кылуучулардын (атын атабай кайрымдуулук кылуучу болуп төмөнкү маалыматтардын бирин: фамилиясын, атын, атасынын атын, жашаган жеринин дарегин, паспорттук маалыматтарын көрсөтпөгөн, ошондой эле өзү жөнүндө анык эмес маалыматтарды көрсөткөн жаран түшүнүлөт).

38. Талапкердин же саясий партиянын шайлоо фондуна Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине же Социалдык фондго карыздары бар юридикалык жактардан, юридикалык жак түзбөй иш жүргүзгөн жеке ишкерлерден каражаттарды чегерүүгө тыюу салынат.

Талапкер жана саясий партия аталган юридикалык же жеке жактар тарабынан шайлоо фондуна которулган каражаттар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

Эгерде талапкердин же саясий партиянын шайлоо фондуна жогоруда аталган жеке жана юридикалык жактардан каражаттар келип түшсө, банк же башка мекеме бул каражаттарды соттун чечими менен мамлекеттик бюджетке же Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондуна өткөрүүгө милдеттүү.

39. Эгерде кайрымдуулук ушул Жобонун 37-пунктуна ылайык мындай кайрымдуулук кылууга укугу жок жаран же юридикалык жак тарабынан чегерилсе, ал кайрымдуулук кылуучуга толугу менен кайтарылып берилүүгө тийиш.

Эгерде талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун атайын эсебине жашыруун кайрымдуулук кылуучудан, ушул Жобонун 37-пунктунда тыюу салынган акча каражаттары келип түшсө, анда бул каражаттар 3 жумушчу күндүн ичинде республикалык бюджеттин пайдасына которулат.

40. Эгерде кайрымдуулук ушул Жобонун 23, 24-пункттарынын, ошондой эле конституциялык Мыйзамдын 62, 62[1]-беренелерине бузуу менен жаран же юридикалык жак тарабынан чегерилсе, ал толугу менен кайрымдуулук көрсөтүүчүгө кайтарылууга тийиш же конституциялык Мыйзам менен белгиленген максималдуу өлчөмдөн ашкан бөлүгү кайтарылат, төлөмдүн максатында кайтаруунун себеби көрсөтүлөт. Бул учурда, көрсөтүлгөн каражаттарды кайтарууга байланыштуу чыгымдар аны берген жарандар жана уюмдар тарабынан жабылат.

### 5. Шайлоо төгүмү

41. Көп мандаттуу шайлоо округунан талапкер өзүнүн шайлоо фондунун (атайын эсебинин) каражаттарынан Борбордук шайлоо комиссиясынын депозиттик эсебине шайлоо төгүмүн конституциялык Мыйзам менен белгиленген эсептик көрсөткүчтүн үч миң эсе өлчөмүндө төлөйт жана бул боюнча шайлоо төгүмүн төккөндүгүн ырастоочу банктык документ алат.

Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялар өздөрүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан (атайын эсебинен) Борбордук шайлоо комиссиясынын депозиттик эсебине ар бир талапкер үчүн эсептик көрсөткүчтүн үч миң эсе өлчөмүндө шайлоо төгүмүн төлөп, бул боюнча шайлоо төгүмүн төккөндүгүн ырастоочу банктык документ алат.

Мында, шайлоо төгүмүн төлөө тапшырмасында “төлөмдүн максаты” графасында төмөнкүлөрдү көрсөтүү зарыл: “Талапкерге шайлоо төгүмүн (фамилиясы, аты, атасынын аты) / майыптуулугун эске алуу менен (I, II же III группа) (зарыл болгон учурда)”.

42. Саясий партиялардын, талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү же көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер өздөрү (эгерде алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жок болсо), талапкерди/талапкерлерди каттоо үчүн шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18ге чейин Борбордук шайлоо комиссиясына шайлоо төгүмүн төлөнгөндүгүн тастыктаган банктык документти (түп нускасын) конституциялык Мыйзамдын 61-беренесинин 1 жана 5-бөлүктөрүнүн талаптарына ылайык башка документтер менен бирге) тапшырышат.

43. Майыптыгы бар талапкерлер шайлоо фондунан каражатты Борбордук шайлоо комиссиясынын депозиттик эсебине майыптык тобун эске алуу менен төгүшөт:

– III топтогу майыптар - мыйзам менен белгиленген эсептик көрсөткүчтүн жети жүз эсе өлчөмүндө;

– I жана II топтогу майыптар - мыйзам менен белгиленген эсептик көрсөткүчтүн беш жүз эсе өлчөмүндө.

Талапкерди каттоо үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына шайлоо төгүмүн төккөндүгүн ырастоочу банктык документ (түп нускасы) жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан мыйзамдарда белгиленген тартипте майыптыгы бар экендигин белгилеген маалымкат берилет.

44. Шайлоо төгүмү кайтарылбайт жана Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине которулат.

### 6. Шайлоо фонддорунун каражаттарын чыгымдоо

45. Шайлоо фонддорунун каражаттары максаттуу багытка ээ. Алар шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга гана жумшалышы мүмкүн.

46. Шайлоо фонддорунун каражаттары төмөнкүлөргө гана жумшалышы мүмкүн:

1) шайлоо алдындагы үгүт иштерине байланыштуу уюштуруучулук-техникалык чараларды каржылоо;

2) ушул конституциялык Мыйзам менен белгиленген өлчөмдөгү шайлоо төгүмүн төлөөгө;

3) шайлоо кампаниясына түздөн-түз байланыштуу иштерди жана кызматтарды аткарууга төлөм жүргүзүүгө, атап айтканда:

– маалыматтык жана консультациялык мүнөздөгү кызматтарга;

– үгүт материалдарын жалпыга маалымдоо каражаттарында жана социалдык тармактарда чыгарып таратууга;

– имараттарды, жабдууларды ижарага алууга;

– транспорттук жана иш сапарларынын чыгымдарын жабууга;

– байланыш кызматтарына;

– кеңселик буюмдарды, жабдууларды сатып алууга;

– жалпыга маалымдоо каражаттарында жана социалдык тармактарда билдирүүлөрдү жана макалаларды жарыялоого;

– шайлоо алдындагы чогулуштарды, шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүүгө.

47. Талапкерлерге, саясий партияларга шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүгө жана башка шайлоо алдындагы иш-чараларды өткөрүүгө шайлоо фондундагы каражаттардан башка каражаттарды пайдаланууга тыюу салынат.

(Уландысы 9-бетте)

# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө ЖОБО

(Башталышы 8-бетте)

Талапкер, саясий партия жарандардын жана юридикалык жактардын шайлоо күнүнө чейин кайрымдуулук кылгандар тарабынан белгиленген тартипте которулган кайрымдуулуктарын гана пайдаланууга укуктуу.

48. Жеке жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр боюнча, ошондой эле атайын эсептеги чыгымдалбаган акча каражаттарын кайтарып берүү боюнча бардык финансылык операциялар добуш берүү күнүнөн кийин 5 календардык күндөн кечиктирилбестен токтотулат.

49. Шайлоо фондунун атайын эсебинде турган пайдаланылбаган акча каражаттарынын калдыктары талапкерге, саясий партияга добуш берүү күнүнөн кийин алар салган каражаттарга пропорционалдуу түрдө кайтарылат.

## 7. Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр

50. Талапкердин, саясий партиянын шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу белгилүү иштерди (кызматтарды) аткаруу (көрсөтүү) жөнүндө жарандар жана юридикалык жактар менен келишимдерди (макулдашууларды) талапкердин жеке өзү, же анын шайлоого катышуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиянын шайлоого катышуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан түзүлөт.

Талапкерлердин, саясий партиялардын атайын эсептеринен төлөмдөр боюнча келишимдер жана макулдашуулар добуш берүү күнүнө чейинки күндөн кечиктирилбестен түзүлүшү керек.

51. Талапкердин, саясий партиянын жана жеке, юридикалык жактардын ортосундагы шайлоо кампаниясын өткөрүүгө байланыштуу иштерди (кызматтарды) аткаруу (көрсөтүү) үчүн эсептешүүлөр накталай эмес тартипте гана жүргүзүлөт.

Банктык эсептешүү эсеби болгон учурда, мындай эсептешүүлөрдү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген тизмеге киргизилген мобилдик банктык тиркемелердин системалары аркылуу жүргүзүүгө жол берилет.

Бул учурда атайын социалдык жардам алуучу, аз камсыз болгон жана жеңилдиктерге укуктуу адамдарга талапкердин, саясий партиянын шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу белгилүү бир иштерди аткаргандыгы (кызмат көрсөткөндүгү) үчүн накталай эмес эсептешүү боюнча акы төлөп берүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган үчүн мыйзамдарда каралган социалдык төлөмдөрдөн баш тартууга себеп болуп саналбайт.

52. Талапкер, саясий партия Кыргыз Республикасынын жарандары менен үгүт иштери боюнча кызмат көрсөтүү жөнүндө келишим түзүүгө укуктуу:

– саясий партия - бир талапкер үчүн 1 000 үгүтчүдөн көп эмес;

– көп мандаттуу округдан талапкер - 1 000 үгүтчүдөн көп эмес.

Мында талапкер, саясий партия үгүтчүлөрдүн реестрин жүргүзүүгө жана жумасына бир жолу Борбордук шайлоо комиссиясына үгүтчүлөрдүн тизмесин (кийинчерээк - жаңыланган тизмесин) алардын фамилиясын, атын, атасынын атын жана ЖИНин көрсөтүү менен берүүгө, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясы сураган учурда - дароо берүүгө тийиш. Бул учурда үгүтчүлөрдүн тизмеси талапкер жана/же талапкердин шайлоого катышуусуна байланыштуу маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү, же саясий партиянын шайлоого катышуусуна байланыштуу маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан кол коюлушу керек. Ошондой эле кол койгондордун аты-жөнү, атасынын аты, талапкердин күбөлүгүнүн номери, ыйгарым укуктуу өкүлдүн каттоо күбөлүгүнүн номери, саясий партиянын аталышы жана мөөрү көрсөтүлүшү керек.

Талапкерлер, саясий партиялар ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, байкоочулары, ишенимдүү адамдары, талапкердин, партиянын шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрүнүн, ошондой эле бардык үгүтчүлөр менен кызмат көрсөтүүгө (акы төлөнүүчү же акысыз) Келишим түзүшү керек.

53. Жарандар жана юридикалык жактар тарабынан аткарылган акы төлөнүүчү иштер жана кызматтар жазуу түрүндө (макулдашуу, эсеп-фактура, коштомо кагаз, кабыл алуу-берүү актысы ж.б.) катталууга тийиш. Келишимде тараптардын реквизиттери, тапшырылган иштин көлөмү, анын наркы, иш түрлөрү боюнча баалар (калькуляция, смета), төлөм тартиби, иштин аткарылышынын мөөнөтү, тараптардын жоопкерчилиги жана башка шарттар камтылууга тийиш. Жумуштарды аткаруу жана кызматтарды көрсөтүү үчүн жарандарды тартуу жөнүндө келишимдер Кыргыз Республикасынын жашы жеткен жарандары менен гана түзүлүшү мүмкүн. Аткарылган иштер жана кызматтар аларды кабыл алуу актылары менен же берилген продукцияга жүктөлгөн документтер менен ырасталууга тийиш, аларга кардар (каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл) жана аткаруучу кол коёт.

54. Бардык басма жана башка үгүт материалдарында үгүт материалдарын даярдаган уюмдун, жеке ишкердин аталышы жана дареги (фамилиясы, аты, атасынын аты), талапкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, үгүт материалдарын даярдоого буйрутма берген саясий партиянын аталышы, тиражы жана чыгарылган күнү тууралуу маалымат, тиешелүү шайлоо фондунун каражатынан даярдоого төлөнгөндүгү жөнүндө маалымат, ошондой эле талапкердин же талапкердин каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, буйрутма үчүн төлөгөн саясий партиянын фамилиясы, аты, атасынын аты камтылууга тийиш.

Көрсөтүлгөн маалыматты камтыбаган үгүт материалдарын таратууга тыюу салынат.

55. Тиешелүү шайлоо фондунун каражатынан алдын ала төлөнбөсө, шайлоо үгүт материалдарын даярдоого тыюу салынат.

56. Юридикалык жактар, алардын филиалдары, өкүлчүлүктөрү, ошондой эле жеке жактар тарабынан шайлоолорго тике же кыйыр түрдө байланышкан жумуштарды, кызматтарды акысыз аткарууга же негизсиз төмөндөтүлгөн баалар боюнча аткарууга, товарларды сатууга тыюу салынат, буга ыйгарым укуктуу өкүлдөрдөн, ишенимдүү адамдардан, байкоочулардан, талапкерлердин өкүлдөрүнөн, шайлоо комиссияларындагы саясий партиялардын өкүлдөрүнөн тышкары, алар өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга, шайлоолорго тике же кыйыр түрдө байланышкан жумуштарды жана кызматтарды акысыз негизде аткарууга укуктуу.

## 8. Эсепке алуу, отчеттуулук жана көзөмөл

57. Талапкерлер, саясий партиялар өздөрүнүн шайлоо фонддоруна акча каражаттарынын келип түшүүсүн жана чыгымдалышын эсепке алууга милдеттүү.

Мында талапкер, көп мандаттуу округ боюнча же анын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү ушул Жобонун 24-пунктунун ченемдерине ылайык анын шайлоо фондунун атайын эсебине келип түшкөн чектик суммалардын, ошондой эле бардык чыгымдардын эсебин жүргүзүүгө тийиш.

Саясий партиянын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү ар бир талапкер үчүн боюнча шайлоо фондунун атайын эсебине келип түшкөн чектик суммалардын эсебин ушул Жобонун 23-пунктунда келтирилген ченемдерге жана формулаларга ылайык, ошондой эле бардык чыгымдарды эсепке алууга тийиш.

58. Талапкерлер, саясий партиялар Борбордук шайлоо комиссиясына өздөрүнүн шайлоо фондунун өлчөмү жана түзүлүү булактары, ошондой эле бардык жасалган чыгымдар жөнүндө отчетторду берүүгө милдеттүү.

Финансылык отчет төмөнкүдөй берилет:

– кагаз түрүндө (колтамга жана саясий партиянын мөөрү менен);

– электрондук түрдө (сканерленген көчүрмө, саясий партиянын колу жана мөөрү менен);

– EXCEL форматында электрондук түрдө же электрондук почта аркылуу, төмөнкү тартипте:

1) Биринчи финансылык отчет - добуш берүү күнүнө чейин 10 күндөн кечиктирбестен;

2) Экинчи жыйынтыктоочу финансылык отчет (жыйынтыктоочу маалыматтар) - добуш берүү күнүнөн кийин 10 күндөн кечиктирбестен.

Отчеттордогу маалыматтар отчет тапшырылган күндөн мурунку 3 күндөн ашпаган мөөнөткө карата түзүлөт.

Жыйынтыктоочу каржылык отчетко бардык баштапкы каржылык документтердин (эсеп-фактуралар, келишимдер, коштомо кагаздар, кабыл алуу-өткөрүп берүү актылары, банктык көчүрмөлөр ж.б.) түп нускалары тиркелет, алар шайлоо фондунун атайын эсебине акча каражаттарынын келип түшкөнүн жана бул каражаттардын сарпталганын тастыктайт (ушул Жобонун тиркемесиндеги №4 формага ылайык).

59. Жыйынтыктоочу финансылык отчетто баштапкы финансылык документтер финансылык операциялар атайын эсептерде чагылдырылгандай хронологиялык ырааттуулук менен тандалып алынышы керек. Мында шайлоо фондунун атайын эсептеринен алынган банктык көчүрмөлөр негиз катары кабыл алынат, аларга эсепке акча каражаттарын чегерүүгө же эсептен чыгарууга негиз болгон зарыл документтер тиркелет.

60. Жыйынтыктоочу финансылык отчет тигилген түрдө берилиши керек жана тиркемелерди кошо алганда, беттери ырааттуу номерленген болушу керек. Борбордук шайлоо комиссиясынын талабы боюнча суроолор пайда болгон учурда, талапкер жеке өзү (эгерде каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү жок болсо), талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, саясий партиялардын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жыйынтыктоочу каржылык отчетко түшүндүрмө кат беришет.

61. Көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер жана каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл (эгерде ал болсо), же көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлерди көрсөткөн саясий партиянын жетекчиси жана саясий партиянын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан каржылык отчетко (биринчи жана экинчи жыйынтыктоочу) кол коюлат жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясына жыйынтыктоочу финансылык отчетторду, бардык баштапкы документтерди тапшыруу кабыл алуу-өткөрүп берүү актылары менен жүргүзүлөт.

Финансылык отчеттун кагаз жана электрондук түрүндөгү маалыматтарынын ортосунда айырмачылыктар болгон учурда, белгиленген тартипте кол коюлган жана күбөлөндүрүлгөн кагаз нускасы артыкчылыкка ээлик кылат.

62. Жыйынтыктоочу финансылык отчет берилгенге чейин калган акча каражаттары кайрымдуулук кылгандарга кайтарылууга тийиш.

63. Талапкердин, саясий партиянын финансылык отчетун тапшыруу милдети түздөн-түз талапкердин өзүнө (финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү жок болгон учурда), же финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнө жүктөлөт.

64. Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүү жана алардын каражаттарын сарптоо тартибине көзөмөлдү Борбордук шайлоо комиссиясы жүзөгө ашырат.

Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддоруна акча каражаттарынын келип түшүү булактарын, туура эсепке алынышын жана пайдаланылышын контролдоо, талапкердин, саясий партиянын финансылык отчетторун текшерүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясынын алдында көзөмөлдөө-текшерүү тобу түзүлөт. Көзөмөлдөө-текшерүү тобун уюштуруу жана иштөө тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

## 9. Шайлоо фонддорун каржылоонун айкындуулугу

65. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун ачык-айкын жана айкындуулугун камсыз кылуу максатында, Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочуларга талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна каражаттардын келип түшүүсү жана чыгымдалышы, талапкерлердин, саясий партиялардын финансылык отчеттору, келип түшкөн шайлоо төгүмдөрү жөнүндө маалымдайт.

66. Банк мекемелери жума сайын, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын талабы боюнча 24 сааттын ичинде талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде турган каражаттардын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматты Борбордук шайлоо комиссиясына берүүгө милдеттүү.

Көрсөтүлгөн маалыматтар ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу электрондук форматта жана/же банк мекемесинин жетекчисинин колу (анын ичинде электрондук) жана мөөрү менен кагаз жүзүндө берилет.

67. Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына төмөнкү маалыматтар милдеттүү түрдө жайгаштырылууга тийиш:

1) Талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде турган каражаттардын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалымат, банк же башка мекеме тарабынан берилет, жеке маалыматтарды коргоо жана банктык сыр жөнүндө мыйзамдарды эске алуу менен. Көрсөтүү форматында кайрымдуулук акча каражаттарынын келип түшкөндүгү (келип түшкөн күнү, юридикалык жактын аталышы/жеке жактын аты-жөнү, кайрымдуулуктун түрү жана суммасы) жана каражаттардын чыгымдалышы (чыгымдалган күнү, юридикалык жактын аталышы/жеке жактын аты-жөнү, төлөмдүн максаты жана суммасы) жөнүндө маалыматтар камтылат;

2) Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо өнөктүгүнүн каржылоо боюнча финансылык отчеттору (биринчи, экинчи жыйынтыктоочу) белгиленген форма боюнча;

3) Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо төгүмдөрүнөн түшкөн каражаттардын суммасы жана мамлекеттик бюджетке которулган шайлоо төгүмдөрүнүн суммасы жөнүндө маалымат.

## 10. Жоопкерчилик

68. Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун акча каражаттарын түзүү жана сарптоо тартибин бузуусу, шайлоо фондунун чыгашаларынын чектик суммасынан ашып кетиши, финансылык отчетторду бербеши, талапкерлердин, саясий партиялардын отчетторунда камтылган анык эмес маалыматтарды берүүсү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке алып келет.

Ушул Жобонун ченемдерин аткарбагандыгы үчүн Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерге, саясий партияга оозеки, андан кийин жазуу жүзүндө эскертүү берүүгө, ал эми экөө тең бар болсо - талапкердин, талапкерлердин каттоосу жокко чыгарууга укуктуу.

69. Талапкер же саясий партия өзүнүн шайлоо кампаниясын каржылоодо шайлоо фондунун каражатынан тышкары, талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5 пайызынан ашык болгон башка акча каражаттарын пайдаланган учурда же талапкер, саясий партия өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдарды талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынан бардык чыгымдардын белгиленген чектик суммасынын 0,5 пайызынан ашыкка көбөйткөн учурда, талапкердин, талапкерлердин каттоосу жокко чыгарылат.

70. Бузуу фактысын аныктоо максатында Борбордук шайлоо комиссиясы мамлекеттик бийлик органдарына, фискалдык жана укук коргоо органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мекемелерге, уюмдарга, ишканаларга көмөк көрсөтүү өтүнүчү менен кайрылууга укуктуу.

*(Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө жобонун тиркемелери менен БШКнын* ***https://shailoo.gov.kg*** *сайтынан таанышууга болот)*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## "ШАЙЛООЧУЛАРДЫ ЖАНА ШАЙЛОО ПРОЦЕССИНИН БАШКА СУБЪЕКТТЕРИН МААЛЫМДОО МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ҮГҮТ ЖҮРГҮЗҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИ БОЮНЧА ЖУМУШЧУ ТОП ЖӨНҮНДӨ" ЖОБО ТУУРАЛУУ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН 2021-ЖЫЛДЫН 15-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №693 ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" 2025-жылдын 9-июнундагы №113 Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 2-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** "Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо маселелери жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча Жумушчу топ жөнүндө" жобо тууралуу" Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 15-сентябрындагы №693 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогорудагы токтом менен бекитилген Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо маселелери жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча Жумушчу топ жөнүндө жобо ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш. 2025-жылдын 29-августу, №66***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 29-августундагы №66 токтомуна тиркеме*

## Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо маселелери жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча Жумушчу топ жөнүндө

## ЖОБО

### 1. Жумушчу топтун максаттары жана милдеттери

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо маселелери жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча Жумушчу топтун (мындан ары – Жумушчу топ) максаттарын жана милдеттерин, ыйгарым укуктарын жана түзүү тартибин белгилейт.

2. Жумушчу топ шайлоолорду даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын маалымдоо, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүдө талапкерлер, саясий партиялар үчүн бирдей жана акыйкат шарттарды түзүүнү камсыз кылуу максатында түзүлөт.

3. Жумушчу топ өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө", Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарын, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө", "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

### 2. Жумушчу топту түзүү жана анын курамы

4. Жумушчу топ Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими менен түзүлөт. Жумушчу топтун курамы Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын буйругу менен бекитилет жана ага Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, аппараттын кызматкерлери, медиа-уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле ишке тартылган адистер жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар, социалдык тармактар (интернет-мониторинг, санариптик аналитика жана кибеrkоопсуздук боюнча адистер) кирет.

5. Округдук, аймактык шайлоо комиссияларынын жумушчу тобу тиешелүү шайлоо комиссиялары тарабынан түзүлөт. Мында жумушчу топтун курамы ушул Жобонун 4-пунктуна ылайык түзүлөт.

6. Жалпыга маалымдоо каражаттарын жөнгө салуу жаатындагы коомдук уюмдар жана ошондой эле ишке тартылган адистер Жумушчу топко мүчө болуу жөнүндө арыздарды шайлоо дайындалган күндөн тартып 10 (он) календардык күндүн ичинде берүүгө укуктуу. Келип түшкөн арыздар Жумушчу топ тарабынан каралып, кабыл алынган чечимдердин жыйынтыгы боюнча Жумушчу топ өз курамына киргизүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасына сунуш киргизет.

7. Жумушчу топ 7 (жети) мүчөдөн кем эмес, анын ичинде Жумушчу топтун жетекчисин жана катчысын кошуп алган курамда түзүлөт. Жумушчу топ анын мүчөлөрүнүн ичинен иш кагаздарын жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу катчыны дайындайт.

8. Жумушчу топтун курамын өзгөртүү ушул Жобонун 4-пунктунда каралган Жумушчу топтун курамын бекитүү үчүн белгиленген тартипте ишке ашырылат.

### 3. Жумушчу топтун ыйгарым укуктары жана иштөө тартиби

9. Жумушчу топ:

– негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планына ылайык шайлоолорду даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө шайлоочуларды, талапкерлерди, саясий партияларды жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын маалымдайт;

– маалыматтык материалдардын (теле- жана радио берүүлөрдүн, теле- жана радиороликтердин, басылма продукцияларын) тематикасын иштеп чыгат;

– негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын календардык планына ылайык маалыматтарды жана материалдарды жалпыга маалымдоо каражаттарында, интернет-басылмаларда жарыялоонунун зарылдыгы жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясына маалымдайт;

– шайлоолорду даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө шайлоочуларга жана башка шайлоонун катышуучуларына маалымдоо жана шайлоо мыйзамдарынын нормаларын түшүндүрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын иш-чараларына катышат;

– шайлоо жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте Борбордук шайлоо комиссиясына Кыргыз Республикасынын телерадиоберүү уюмдары жана мезгилдүү басылмалардын редакциялары, интернет-басылмалар тарабынан талапкерлерге, саясий партияларга эфирдик убакытты, басылма аянттарын берүүгө даяр экендиктери, ошондой эле аларды төлөөнүн көлөмдөрү жана башка шарттары жөнүндө маалыматтык материалдарды жана билдирмелерди топтойт жана системага салат;

– талапкерлер, саясий партиялар, же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясына берилген басма же башка үгүт материалдарынын же алардын көчүрмөлөрүнүн нускаларын эсепке алат;

– коммерциялык эмес уюмдар тарабынан берилген Президентти, Жогорку Кеңештин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байланышкан маалыматтык басылма жана аудиоматериалдарды карайт;

– шайлоого байланыштуу коомдук пикирди сурамжылоолордун натыйжаларын жарыялоого тиешелүү маселелерин карайт;

– шайлоо мезгилинде талапкерлер, саясий партиялар, жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалары жана башка шайлоо процессинин катышуучулары тарабынан жол берилген бузууларга мониторинг жүргүзөт;

– тиешелүү корутундуларды жана чечимдерди даярдайт жана кабыл алат, чечимдердин долбоорлорун Борбордук шайлоо комиссиясынын кароосуна киргизет;

– шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнү маалымдоо маселелери, анын тарыхы жана шарттары боюнча төмөн турган шайлоо комиссияларына, талапкерлерге, саясий партияларга, жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакцияларына, интернет-басылмаларга, анын ичинде маалымат агенттиктеринин жетекчилерине, башка кызыкдар уюмдарга жана адамдарга, консультативдик жана усулдук жардамдарды берет;

– Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын маалымат бөлүмү иштеп чыккан маалымат материалдарын баалоо жана сунуштамаларды алуу үчүн медиа адистерди жана эксперттерди ишке тартат;

– тиешелүү аймактарда шайлоочуларга маалымдоо жүргүзүүдө төмөн турган шайлоо комиссияларына көмөктөшөт, усулдук жана башка жардамдарды көрсөтөт;

– интернетте, социалдык тармактарда жана башка онлайн-ресурстарда (мессенжерлерде, телеграм-каналдарында, TikTok, X (Twitter), Instagram ж.б.) шайлоо алдындагы үгүт жөнүндө мыйзамдардын сакталышына мониторинг жүргүзөт;

– маалымдоону камсыздоо үчүн мамлекеттик портал, "Шайлоочунун кабинети" сервиси жана башка электрондук тутумдар менен өз ара аракеттенет;

– аралыктан жана электрондук добуш берүү жөнүндө түшүндүрүү иштерин даярдайт жана жайылтат.

10. Жумушчу топ төмөн турган шайлоо комиссияларынан, тиешелүү органдардан, уюмдардан, алардын кызмат адамдарынан даттанууларды жана кайрылууларды кароо үчүн маалыматтарды жана материалдарды өз алдынча сурап алууга укуктуу.

11. Жумушчу топтун отурумун Жумушчу топтун жетекчиси чакырат, жетекчи жок болуп калган учурда анын милдеттерин Жумушчу топтун курамындагы Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн бири аткарат. Жумушчу топтун отуруму коллегиалдуу жана ачык жүргүзүлөт.

Жумушчу топтун отуруму, эгерде Жумушчу топтун мүчөлөрүнүн белгиленген санынын жарымынан көбү катышып отурса, укук ченемдүү болуп саналат.

Жумушчу топтун отуруму анын компетенциясына кирген маселелерди ачык талкуулоонун негизинде жүзөгө ашырылат.

Жумушчу топтун отурумдарына Жумушчу топтун мүчөлөрү болуп саналышпаган Борбордук шайлоо комиссиясынын, округдук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү катышып отурууга жана өз пикирлерин билдирүүгө укуктуу. Жумушчу топтун отурумуна Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлери, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, адистер, эксперттер жана башка кызыкдар адамдар чакырылышы мүмкүн. Жумушчу топ Борбордук шайлоо комиссиясынын башка жумушчу топтору менен биргелике жыйындын өткөрүүгө укуктуу.

12. Жумушчу топ шайлоочуларды маалымдоонун жана шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоону камсыз кылуу маселелери боюнча мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, шайлоо комиссиялары, жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар, юридикалык жана жеке жактар менен өз ара аракеттенет.

13. Шайлоо комиссиясына келип түшкөн арыздар жана даттануулар алдын ала Жумушчу топ тарабынан каралат. Жумушчу топ өзүнүн жыйынында келип түшкөн кайрылуунун предметин белгилейт жана төмөндөгү чечимдердин бирин кабыл алат:

1) шайлоо мыйзамдарын бузуулардын белгилери аныкталса, шайлоо мыйзамдарында каралган жалпы тартипте арызды кароо жөнүндө чечим кабыл алат;

2) шайлоо кампаниясынын мезгилинде шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн тартибин жөнгө салган колдонуудагы мыйзамдар талапкерлер, саясий партиялар, жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет басылмалар жана шайлоо процессинин башка субъекттери тарабынан жол берилген, мониторингдин натыйжасы боюнча бузуулардын белгилери аныкталганда – Кыргыз Республикасында референдум өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча Жумушчу топтун кароосуна жөнөтүү жөнүндө корутунду даярдайт жана чечим кабыл алат;

3) укук бузуулар жөнүндө же кылмыш-жаза мыйзамдарында каралган бузуулардын белгилери белгилүү болгондо, арыздарды (даттанууларды, билдирүүлөрдү, материалдарды) ыйгарым укуктуу органдын кароосуна жөнөтүү жана мыйзамдарга ылайык чечүү жөнүндө чечим кабыл алат.

### 4. Жумушчу топтун чечимдери жана сунуштамалары

14. Жумушчу топтун отурумдарында маселени кароонун натыйжалары боюнча Жумушчу топтун чечими кабыл алынат. Жумушчу топтун чечимдери сунуштоо мүнөзүнө ээ жана Жумушчу топтун отурумунда ачык добуш берүү аркылуу катышып отурган мүчөлөрүнүн санынын көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат.

15. Жумушчу топтун отуруму катчы тарабынан протоколдоштурулат. Протоколго отурумга төрагалык кылган адам жана катчы кол коет.

Жумушчу топтун чечиминин тиешелүү долбоору же башка документтери Борбордук шайлоо комиссиясынын кароосуна киргизилет.

16. Жумушчу топтун мүчөсү, эгерде Жумушчу топтун кароосунун предмети шайлоо процессинин субъектисинин аракеттери (аракетсиздиги) болуп саналса, жеке түрдө тике же кыйыр Жумушчу топтун ошол мүчөсүнө тийиштиги бар болсо, ал талкуулоого жана добуш берүүгө катышпайт.

17. Жумушчу топтун документтери Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген тартипте сакталууга өткөрүлүп берилет.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ЖОГОРУ ТУРГАН ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНА ШАЙЛОО ДОКУМЕНТТЕРИН ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ДОКУМЕНТТЕРИН ЖЕТКИРҮҮ, ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖАНА КАБЫЛ АЛУУ УЧУРУНДА АЛАРДЫ САНКЦИЯЛАНБАГАН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮКТӨН КОРГООНУ КАМСЫЗ КЫЛУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ" ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" 2017-ЖЫЛДЫН 28-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №485 ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 9-июнундагы №113 конституциялык Мыйзамынын 2-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча жогору турган шайлоо комиссияларына шайлоо документтерин жана референдум документтерин жеткирүү, өткөрүп берүү жана кабыл алуу учурунда аларды санкцияланбаган жеткиликтүүлүктөн коргоону камсыз кылуу тартиби жөнүндө" 2017-жылдын 28-сентябрындагы №485 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча жогору турган шайлоо комиссияларына шайлоо документтерин жана референдум документтерин жеткирүү, өткөрүп берүү жана кабыл алуу учурунда аларды санкцияланбаган жеткиликтүүлүктөн коргоону камсыз кылуу тартиби жөнүндө жободо:

1) 1-главанын 1.4.-пунктунун экинчи жана үчүнчү абзацтарында "жараксыз" деген сөздөн кийин ", пайдаланылбаган (керектен чыгарылган)" жана ", колдонулбаган (керектен чыгарылган)" деген сөздөр алып салынсын;

2) 2-главада:

а) 2.1.-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2.1. Бардык бузулган шайлоо бюллетендери саналат жана пакетке таңгакталат, ал участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү жана анын мүчөлөрүнүн колдору менен бекитилет. Пакетке "Бузулган" жана/же "Добуш берүү үчүн бузулган бюллетендер" деген жазуу жазылат, алардын саны жана шайлоо участогунун номери көрсөтүлөт.".

б) 2.7.-пунктта:

– биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2.7. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы же катчысы тарабынан төмөнкүдөй документтер өзүнчө бир папкага таңгакталат:";

– 3-пунктча күчүн жоготту деп таанылсын;

– жыйырма биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Округдук/аймактык шайлоо комиссиясына сейф-пакеттер менен бирге берилүүчү кутуга же мүшөккө папка салынбайт.".

в) 2.9., 2.12.-пункттарда "аймактык" деген сөз "округдук/аймактык" деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 3-главада:

а) 3.1.-пунктта "аймактык" деген сөз "округдук/аймактык" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 3.3.-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3.3.Участкалык шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү менен Сейф-пакети округдук/аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан ачууга жол берилбейт.";

в) 3.4.-3.6.-пункттарда ар түрдүү сандык жана жөндөмөлүк формалардагы "аймактык шайлоо комиссиясы" деген сөздөр тиешелүү сандардагы жана жөндөмөлөрдөгү "округдук/аймактык шайлоо комиссиясы" деген сөздөргө алмаштырылсын;

г) 3.7.-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3.7.Округдук/аймактык шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколунун биринчи нускасы жана жыйынды таблицасы бар, ошондой эле участкалык шайлоо комиссиясынын жыйынтык протоколунун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү бар сейф-пакеттерди Борбордук шайлоо комиссиясында гана акт боюнча ачууга жол берилет, анда сейф-пакеттердин идентификациялык номерлери көрсөтүлүүгө тийиш.".

**2.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 29-августу, №67***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ДЕПУТАТТЫККА ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕСИНЕН КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРЛЕРДИ ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ АЛАЙ, АРАВАН, КАРА-СУУ, НООКАТ, КАДАМЖАЙ, СОКУЛУК, ЖАЙЫЛ ЖАНА АТ-БАШЫ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу, депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жана бош калган мандаттарды жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

1) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-пунктунун жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бергендигине байланыштуу жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери:

– Алай аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 19-августундагы №9 Ош облусунун Алай районунун Курманжан Датка жана Тилектеш айылдык кеңештери боюнча;

– Араван аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 21-августундагы №8 Ош облусунун Араван районунун Дөбө-Коргон айылдык кеңеши боюнча;

– Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 22-августундагы №7 Ош облусунун Кара-Суу районунун Жоош айылдык кеңеши боюнча;

– Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 22-августундагы №13 Ош облусунун Ноокат районунун Мирмахмудов айылдык кеңеши боюнча;

– Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 19-августундагы №14 Баткен облусунун Кадамжай районунун Кадамжай шаардык кеңеши боюнча;

– Сокулук аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 21-августундагы №9 Чүй облусунун Сокулук районунун Гавриловка айылдык кеңеши боюнча;

– Жайыл аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 25-августундагы №17 Чүй облусунун Жайыл районунун Талды-Булак айылдык кеңеши боюнча;

– Ат-Башы аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 21-августундагы №7 Нарын облусунун Ат-Башы районунун Ат-Башы айылдык кеңеши боюнча.

2) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктунун жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 9-пунктунун негизинде, Ош облусунун Алай районунун Жаңы-Алай айылдык кеңешинин депутаты каза болгондугуна байланыштуу жергиликтүү кеңешинин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө Алай аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 19-августундагы №9 чечими.

3) Жеке арызынын негизинде депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерди чыгаруу жөнүндө чечимдери

– Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 22-августундагы №13 Ош облусунун Ноокат районунун Зулпуев айылдык кеңеши боюнча;

– Ат-Башы аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 21-августундагы №7 Нарын облусунун Ат-Башы районунун Ат-Башы айылдык кеңеши боюнча.

4) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, бош калган мандаттарды тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын көбүн алган шайланган депутаттан кийинки талапкерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери:

– Алай аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 19-августундагы №9 Ош облусунун Алай районунун Курманжан Датка, Жаңы-Алай жана Тилектеш айылдык кеңештери боюнча;

– Араван аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 21-августундагы №8 Ош облусунун Араван районунун Дөбө-Коргон айылдык кеңештери боюнча;

– Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 22-августундагы №7 Ош облусунун Кара-Суу районунун Жоош айылдык кеңеши боюнча;

– Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 22-августундагы №13 Ош облусунун Ноокат районунун Мирмахмудов айылдык кеңеши боюнча;

– Сокулук аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 21-августундагы №9 Чүй облусунун Сокулук районунун Гавриловка айылдык кеңеши боюнча;

– Жайыл аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 25-августундагы №18 Чүй облусунун Жайыл районунун Талды-Булак айылдык кеңеши боюнча;

– Ат-Башы аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 21-августундагы №7 Нарын облусунун Ат-Башы районунун Ат-Башы айылдык кеңеши боюнча.

5) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун жана $1^1$-бөлүгүнүн негизинде, Баткен облусунун Кадамжай районунун Кадамжай шаардык кеңеши боюнча бош калган мандатты саясий партиянын тизмесинде шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 19-августундагы №15 чечими.

Аймактык шайлоо комиссияларынын кабыл алынган чечимдери "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин талаптарына ылайык келет.

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, "Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет".

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

– Алай, Араван, Кара-Суу, Ноокат, Кадамжай, Сокулук, Жайыл жана Ат-Башы аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештеринин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык;

– Ноокат жана Ат-Башы аймактык шайлоо комиссиясынын депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерди чыгаруу боюнча чечими 2-тиркемеге ылайык;

– Алай, Араван, Кара-Суу, Ноокат, Кадамжай, Сокулук, Жайыл жана Ат-Башы аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарын тизмеде катталган талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык.

**2.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып, анык эмес деп таанылсын.

**3.** Алай, Араван, Кара-Суу, Ноокат, Кадамжай, Сокулук, Жайыл жана Ат-Башы аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 3-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

**4**. Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**5**. Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**6**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**7**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 29-августу, №68***

**(Уландысы 12-бетте)**

(Башталышы 11-бетте)

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 29-августундагы*
*№68 токтомуна 1-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгы жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери

| № | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А. |
|---|---|---|---|
| ОШ ОБЛУСУ | | | |
| Алай району | | | |
| 1. | Алай АШК, №9, 19.08.2025-ж. (Каза болгондугу тууралуу №KGZ07 0313778 күбөлүгү Кара-Суу райондук ЖААК бөлүмү тарабынан 25.06.2025-жылында берилген) | Жаңы-Алай айылдык (№1 Жаңы-Алай шайлоо округу) | Эркебаев Кубанычбек |
| 2. | Алай АШК, №9, 19.08.2025-ж. (14.08.2025-ж., өз арызы) | Тилектеш айылдык (№4 Жаңы-Турмуш шайлоо округу) | Зикиров Жакшылык Мамаевич |
| 3. | Алай АШК, №9, 19.08.2025-ж. (15.08.2025-ж., өз арызы) | Курманжан Датка айылдык (№2 Арпа-Тектир шайлоо округу) | Орозбаев Нурлан Аматович |
| Араван району | | | |
| 4. | Араван АШК, №8, 21.08.2025-ж. (19.08.2025-ж., өз арызы) | Дөбө-Коргон айылдык (№5 Тепе-Коргон шайлоо округу) | Ахмедов Бекматжан Халматович |
| Кара-Суу району | | | |
| 5. | Кара-Суу АШК, №7, 22.08.2025-ж. (14.08.2025-ж., өз арызы) | Жоош айылдык (№7 Питомник шайлоо округу) | Рахманов Рыскул Ибрагимович |
| Ноокат району | | | |
| 6. | Ноокат АШК, №13, 22.08.2025-ж. (21.08.2025-ж., өз арызы) | Мирмахмудов айылдык (№5 Үч-Кемпир шайлоо округу) | Тораев Абдурахим Зулпиевич |
| БАТКЕН ОБЛУСУ | | | |
| Кадамжай району | | | |
| 7. | Кадамжай АШК, №14, 19.08.2025-ж. (15.08.2025-ж., өз арызы) | Кадамжай шаардык | Мурзамамытова Гулсанам Азамжановна (3) “Эмгек” депутаттык фракциясы |
| ЧҮЙ ОБЛУСУ | | | |
| Сокулук району | | | |
| 8. | Сокулук АШК, №9, 21.08.2025-ж. (05.08.2025-ж., өз арызы) | Гавриловка айылдык (№4 шайлоо округу) | Омуркулов Мирзат Койчугулович |
| Жайыл району | | | |
| 9. | Жайыл АШК, №17, 25.08.2025-ж. (19.08.2025-ж., өз арызы) | Талды-Булак айылдык (№2 Сосновка шайлоо округу) | Доскулов Тынчтык Дуйшенбекович |
| НАРЫН ОБЛУСУ | | | |
| Ат-Башы району | | | |
| 10. | Ат-Башы АШК, №7, 21.08.2025-ж. (30.07.2025-ж., өз арызы) | Ат-Башы айылдык (№6 Ак-Жар шайлоо округу) | Курманалиев Талант Искендерович |

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 29-августундагы*
*№68 токтомуна 2-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссиясынын чечими

| № | Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечиминин №, датасы жана чечимге негиз | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф. А. А. |
|---|---|---|---|
| ОШ ОБЛУСУ | | | |
| Ноокат району | | | |
| | Ноокат АШК, №13, 22.08.2025-ж. (20.08.2025-ж., өз арызы) | Зулпуев айылдык (№2 Ата-Мерек шайлоо округу) | Сабыр кызы Салкын |
| НАРЫН ОБЛУСУ | | | |
| Ат-Башы району | | | |
| | Ат-Башы АШК, №7, 21.08.2025-ж. (13.08.2025-ж., өз арызы) | Ат-Башы айылдык (№6 Ак-Жар шайлоо округу) | Исмаилов Базарбай Абдыбекович |

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 29-августундагы*
*№68 токтомуна 3-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылгандыгы жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери

| № | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф. А. А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы |
|---|---|---|---|---|
| ОШ ОБЛУСУ | | | | |
| Алай району | | | | |
| 1. | Алай АШК, №9, 19.08.2025-ж. (16.08.2025-ж., өз арызы) | Жаңы-Алай айылдык (№1 Жаңы-Алай шайлоо округу) | Кожогелдиев Шайлообек Сайитович | Ош облустук филармониясында артист |
| 2 | Алай АШК, №9, 19.08.2025-ж. (16.08.2025-ж., өз арызы) | Тилектеш айылдык (№4 Жаңы-Турмуш шайлоо округу) | Абдырахманов Туратбек | Автомектепте мугалим |
| 3. | Алай АШК, №9, 19.08.2025-ж. (16.08.2025-ж., өз арызы) | Курманжан Датка айылдык (№2 Арпа-Тектир шайлоо округу) | Арзикулов Муратбек Турсунович | Убактылуу иштебейт |
| Араван району | | | | |
| 4. | Араван АШК, №8, 21.08.2025-ж. (19.08.2025-ж., өз арызы) | Дөбө-Коргон айылдык (№5 Тепе-Коргон шайлоо округу) | Тажибаев Ойбек Хакимжанович | Араван райондук электр тармагында электромонтер |
| Кара-Суу району | | | | |
| 5. | Кара-Суу АШК, №7, 22.08.2025-ж. (14.08.2025-ж., өз арызы) | Жоош айылдык (№7 Питомник шайлоо округу) | Токоев Мейлибай Арзимбекович | Убактылуу иштебейт |
| Ноокат району | | | | |
| 6. | Ноокат АШК, №13, 22.08.2025-ж. (22.08.2025-ж., өз арызы) | Мирмахмудов айылдык (№5 Үч-Кемпир шайлоо округу) | Осмонова Насибахон Усуповна | “Жандуу Гүлдөр” мектепке чейинки билим берүү уюмунун жетекчиси |
| БАТКЕН ОБЛУСУ | | | | |
| Кадамжай району | | | | |
| 7. | Кадамжай АШК, №15, 19.08.2025-ж. (18.08.2025-ж., өз арызы) | Кадамжай шаардык | Зайляпова Сагипахан Сраждиновна (6) “Эмгек”саясий партиясы | Убактылуу иштебейт |
| ЧҮЙ ОБЛУСУ | | | | |
| Сокулук району | | | | |
| 8. | Сокулук АШК, №9, 21.08.2025-ж. (21.08.2025-ж., өз арызы) | Гавриловка айылдык (№4 шайлоо округу) | Абдылдабеков Шайырбек Бейшенбекович | Жеке ишкер |
